# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | НОЯБРЬ 2017 | № 11 (72) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

**Көңүл чордонунда**

ЖӨБЭММА: жаңы тапшырмалар жана жаңы перспективалар ........ 2

ЖӨБ органдарынын өз ара жана мамлекет менен бирге аракеттенүү платформасы: эффективдүү диалогду түзүүгө карай жасалган алгачкы кадам ........ 5

**Юридикалык консультация**

Муниципалитеттер сурайт, консультанттар жооп беришет ........ 9

**Жарандардын ЖӨБго катышуусу**

ЖӨБ органынын ийгиликтүү жетекчиси гана тажрыйба менен бөлүшүүгө даяр ........ 14

**ЖӨБ кызмат көрсөтүүлөрү**

"Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоорунун алкагында жашоочулар үчүн жакшыртылган кызмат көрсөтүүлөр ........ 21

Ийгиликтүү муниципалитеттер алдыңкы тажрыйбасы менен бөлүшүүдө ........ 24

**Мониторинг жана баалоо**

Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору ЖӨБдүн айкындуулугунун жана отчеттуулугунун аспабы катары ........ 28

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары**

Кошунаңды байкап, өзүң андан да мыкты жаса! ........ 33

ЖӨБ органдары айыл өкмөтүнүн Типтүү регламенти жана аны айыл өкмөтүнүн ишинде колдонуу тартиби, административдик комиссиялардын иш тартиби жана КРда ЖӨБдү Өнүктүрүү программасынын долбоору менен таанышып чыгып, талкуулашты ........ 34

Ош жана Нарын облустарынан үч жүздөн ашуун адам Швейцариянын долбоорунун алкагында кантип грант алса болорун билишти ........ 35

Айыл өкмөтүнүн Типтүү регламенти бекитилди ........ 37

**ӨСИ жаңылыктары**

Бишкекте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айылдык ден соолук комитеттери менен өз ара аракети талкууланды ........ 38

Жаштар менен достук мамиледеги муниципалитет ........ 39

Жалал-Абад облусундагы 17 муниципалитеттин өкүлдөрү жергиликтүү калк үчүн бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча билимдерин жана көндүмдөрүн жакшырта алышты ........ 40

Төрт облустун жаштары үчүн перспективалар: окуулар жана консультациялар ........ 40

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургуль Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге дарektелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**



# ЖӨБЭММА: жаңы тапшырмалар жана жаңы перспективалар

*Жаңы жылдын алды – артка бир кылчайып, тигил же бул пландар кандай аткарылганын, жыйынтыктар кандай болгонун баалоо үчүн жакшы бир шылтоо. Өзгөчө бул жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү чөйрөсүндө мамлекеттин ишин кошкондо, мамлекеттик башкарууга карата актуалдуу болуп турат. "Муниципалитет" журналы бул темада КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – ЖӨБЭММА) директору Бахтияр САЛИЕВ менен баарлашат. Бахтияр САЛИЕВ бул кызматка 2017-жылы дайындалардын алдында аталган агенттикте этностор аралык мамилелер маселелери үчүн жооптуу катары директордун орун басары болуп иштеген.*

***– Бахтияр Усманович, сиз ЖӨБЭММАнын этностор аралык багыты боюнча директорунун орун басары кызматында олуттуу жыйынтыктарга жетише алдыңыз. Бирок учурда жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү маселелери үчүн да жооп бересиз. Агенттиктин бул чөйрөдөгү ишинин жыйынтыктары тууралуу эмнелерди айта аласыз?***

– Жалпысынан Агенттик өнүгүү динамикасын, жаңы чакырыктарга ыңгайлашып жатканын, мамлекеттик саясатты аткарууга мамлекет ыйгарым укуктарын берген чөйрөлөрдө жыйынтыктарга жетүү жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүп келатат. Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата укуктук базаны өнүктүрүүдө жылыштар байкалууда. Айталы, акыркы беш жыл ичинде ЖӨБ чөйрөсүндө 40 мыйзам кабыл алынды. Анын ичинен 29 мыйзамды ЖӨБЭММА демилгелеген; 70 мыйзам алдындагы акт иштелип чыкты. Бул көп нерселерге жол ачты. Мисалы: айыл башчыны дайындоо жолжобосу жөнөкөйлөштү – эми бул конкурссуз өтүп жатат, бирок жергиликтүү калктын пикири эсепке алынат; бир катар типтүү документтерди кабыл алуу менен ЖӨБ органдарында ички башкаруу оңолду; ЖӨБОнун ачык-айкындуулугу күчөдү, аларда этностор аралык мамилелердин абалы үчүн жоопкерчилик жогорулады, негизсиз текшерүүлөр кыскарды. Типтүү документтер өзгөчө мааниге ээ, алар ЖӨБ органдарына оперативдүү ички башкарууну жакшыртууга жардам берүүдө. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жана башка өнөктөштөр менен кызматташтыкта ЖӨБго жардам болсун деп айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү жамааттардын регламенти, жергиликтүү жамааттын Уставы, ЖӨБдүн аткаруучу органдарына караштуу административдик комиссиялар тууралуу жобо иштелип чыкты.

Агенттиктин ЖӨБ чөйрөсүндөгү негизги ролу – мамлекеттик саясатты ишке ашыруу. Бул саясат көп жагынан жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү үчүн жагымдуу тышкы шарттарды түзүүгө багытталган. Бул багытта да көзгө урунарлык жыйынтыктар бар: Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарындагы 26 калктуу конушка айыл статусу берилди. Жыл сайын "Мыкты айыл өкмөтү" аттуу жалпы мамлекеттик конкурс өткөрүлүп келет. Байге фонду 6 млн. сом болгон конкурстун жеңүүчүлөрү менен бирге ЖӨБЭММА тажрыйба алмашуу боюнча башка ЖӨБ органдары үчүн семинарларды өткөрүп турат. ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү өңдүү көйгөйлүү маселелерди чечүү боюнча Өкмөттүн токтомдору жана Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестри иштелип чыкты. ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн базалык реестрине кирген тогуз муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарттары бекитилди. Чынын айта турган болсом, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө жана турмуш тиричиликти камсыздоо кызмат көрсөтүүлөрүндө жасачу иш бир топ. Бул жерде негизги көйгөй – өзгөчө жаңы объекттерди, мисалы, элеттик муниципалитеттерде канализация системаларын куруу жаатында инфраструктураны өнүктүрүүдө ЖӨБ органдарына жардам берүү.

Мамлекеттин атынан ЖӨБЭММА оор жаратылыш шарттарында иштеген муниципалитеттерди өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурду. Калктуу конуштарды Кыргыз Республикасынын өзгөчө статуска ээ болгон айрым чек ара аймактардын тизмегине кошуунун критерийлери аныкталды. Бул критерийлер "Кыргыз Республикасынын айрым чек ара аймактарына өзгөчө статус берүү жана аларды өнүктүрүү жөнүндө" КР Мыйзамына кошулду. ЖӨБЭММАнын координациясы менен Кыргыз Республикасынын айрым чек ара аймактарынын коопсуздугун камсыздоо жана социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча Мампрограмманын биринчи этабын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар пландары аткарылды. Этап 2013-2016-жылдарга пландалган, бюджеттик каржылоо дээрлик миллиард сомду түздү, 17 иш-чара аткарылды. 2020-жылга чейин Мампрограмманын экинчи этабын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар Планынын долбоору даярдалды. Бул планга жалпы суммасы дээрлик 4 миллиард сомду түзгөн 77 иш-чара кошулду.

***– ЖӨБ органдарынын экономикалык дараметин күчөтүү чөйрөсүндө кандайдыр бир жетишкендиктер барбы? Эң көйгөйлүү маселе катары кайсынысын атайт элеңиз?***

– ЖӨБ органдарынын экономикалык өнүгүүсүн башкаруунун эффективдүүлүгүн төмөндөткөн көп жылдан берки көйгөйдү чечүү үчүн чоң кадам жасалды. Бул көйгөй – муниципалдык менчикти башкаруудагы башаламандык. Көпчүлүк муниципалитеттерде муниципалдык менчик начар башкарылып жатканы, жерлерди башкарууда коррупция учурлары сейрек көрүнүш эместиги, ал эми өкмөттө бул чөйрөдөгү иштердин абалы тууралуу так элеси болбогону жашыруун эмес. Ошондуктан биз муниципалдык менчикти башкаруунун сапатын жана ачык-айкындуулугун жакшыртууга багытталган бир катар системалуу чараларды көрдүк. Эгемен Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу республиканын 40 районунда жана 31 шаарында муниципалдык менчиктеги объекттердин улуттук инвентаризациясы жүргүзүлдү. Объекттердин 70 пайыздан ашыгы менчик укугуна мамлекеттик каттоодон өткөнүн инвентаризациянын жыйынтыктары көрсөттү. Бул – жетишкендик. Дагы 23 пайызы катталган эмес жана аларды жоготуп алуу коркунучу бар. Бул – чакырык. Инвентаризациянын натыйжалары бир тыянакты жасоого жардам берди – муниципалдык объекттердин саны өсүп жатат. Ал эми бул болсо ЖӨБдүн экономикалык базасынын өнүгүүсүнөн кабар берүүдө.

Муниципалдык мүлк менен бүтүмдөрдү инвесторлор үчүн ачык-айкын жана жеткиликтүү кылуу үчүн аларга карата кырдаалды кескин түрдө өзгөртүү пландалып жатат. Муну болсо муниципалдык мүлктү сатуу жана ижарага берүү боюнча электрондук аукционду киргизүү аркылуу жасаса болот. Бир катар мамлекеттик органдар, анын ичинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жардамы менен чоң иштер жасалды. Бүгүнкү күндө электрондук аукцион зарыл деген принципиалдуу чечим кабыл алынды. Аукционду жакынкы келечекте киргизе баштаса болот. Себеби "Инфо-Система" мамлекеттик ишканасы иштеп чыккан электрондук соода аянтчасынын программалык камсыздоосун колдонуу мүмкүнчүлүгү бар. Мамлекеттик өнөктөштөр менен талкууланган моделде дал ушул "Инфо-Система" МИ электрондук аукциондорду өткөрүү үчүн техникалык оператор болуп берет, Чалуу борбору түзүлөт. Токмок жана Кант шаарларында, Ново-Павловка айыл өкмөтүндө электрондук соода аянтчасын тестирлөө электрондук аукционду киргизүү жолунда алгачкы практикалык кадам болуп калат. 2018-жылдын башынан тартып эле электрондук аукцион пилоттук режимде иштей баштайт деп абдан үмүт артып турабыз. Жалпысынан бул чара жерлерди жана мүлктү башкаруу маселелеринде коррупция учурларын олуттуу түрдө кыскартып, жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин арттырып, инвестицияларды тартуу үчүн шарт түзүшү керек.

***– ЖӨБЭММАнын ишинде маанилүү багыт – этностор аралык мамилелер. Бул чөйрөдө эмнелерди жасай алдыңыздар?***

– Агенттиктин маалыматтык-билим берүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасында өлкөдөгү тынчтык жана ынтымак үчүн шарттарды түзүү керектиги тууралуу коомдун түшүнүгү тереңдеди. ЖӨБЭММАга караштуу Мониторингдик борбордун маалыматтарына ылайык, этностор аралык келишпестиктердин саны төрт эсе кыскарды (эгерде 2013-жылы жаңжалдардын саны 39 болсо, 2017-жылы тогуз гана жаңжал катталган).

Этностор аралык мамилелерди башкаруу күчөдү: бул болсо полиэтникалык жамааттарда этностор аралык жаңжалдарды эрте мөөнөттө алдын алуу жана болтурбоо системасынын жардамы ме-

нен мүмкүн болду. Система төмөнкүдөй элементтерди камтыйт: 33 адамдан турган республикалык коомдук-консультативдик этностор аралык кеңеш; республиканын 20 полиэтникалык районунда 20 коомдук-консультациялык этностор аралык кеңеш; республиканын 20 полиэтникалык районунда этностор аралык маселелер боюнча 20 коомдук кабыдама, буларда ишти ЖӨБ органдары менен биргеликте коомдук катчылар жүргүзүп келишет; жаңжал чыкчу ыктымал жерлердин интерактивдүү картасы – бул электрондук карта КР Президенттик аппаратка, КР УКМКга жана КР ИИМге жеткиликтүү. Бул болсо кырдаалдын терс маанайда өнүгүүсүн болтурбоо, жаңжалдардын эскалациясы үчүн алгачкы чараларды көрүү менен ыкчам реакция жасоого жол берет.

Мамлекеттин атынан ЖӨБЭММА этностор аралык мамилелерди бекемдөөгө багытталган түрдүү конкреттүү иш-чараларды жана демилгелерди колдойт. Баары болуп төрт жылдын ичинде дээрлик 4 миң профилактикалык иш-чаралар өткөрүлдү, жеринде 3400 арыз жана кайрылуу каралып чыкты. Чакан гранттар программасынын алкагында этникалык жамааттардын жакындашуусуна жана элдердин биримдигин бекемдөөгө багытталган, жалпы суммасы дээрлик 14 миллион сомду түзгөн 47 демилге колдоого алынды. Этностор аралык диалог аянтчасын түзүүнү, этностор аралык мамилелерди бекемдөөнү, "Кыргыз жараны" жалпы жарандык инденттүүлүктү калыптандырууну караштырган 63 иш-чара өттү. Булар – форумдар, конференциялар, этнофестивалдар, семинарлар жана тренингдер. Бул иш-чараларга жалпысынан 15 миңден ашуун адам катышты.

Мисалы, 2016-жылдан тартып Ошто окуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин бүтүрүүчүлөрү жалпы республикалык тестирлөөнү тапшырууга даярдануу жана мамлекеттик тилде баллдарды ийгиликтүү топтоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Республиканын жарандарынын аң-сезиминде жарандык идентүүлүктүн баалуулуктарын бекемдөө "Кыргыз жаранынын" кийинки маанилүү тапшырмасы болуп эсептелинет. Ал болсо төмөнкүлөр аркылуу ишке ашат: этникалык тийиштүүлүгү боюнча бөлүп кароо менен калктын статистикалык эсеби; полиэтникалык калктын бийликке болгон ишеним деңгээлинин көрсөткүчү үчүн шайлоого катышуусу; министрликтердин жана ведомстволордун коомдук кеңештерине түрдүү этникалык жамааттардын өкүлдөрүн киргизүү; мамлекеттик органдарга караштуу этникалык жамааттардын кеңешин түзүү; полиэтникалык калктын бийликке, өзгөчө тартип коргоо органдарына болгон ишенимин бекемдөө; көп тилдүү билим берүү системасын киргизүү боюнча ведомстволор аралык өз ара аракетти күчөтүү.

***– ЖӨБ органдары тарабынан ЖӨБЭММАнын дарегине түшкөн сунуштардын бири – ЖӨБдүн өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүдө Агенттиктин ролун дагы да активдүү жана жемиштүү кылуу. Уюм катары агенттиктин өзү кантип өркүндөп, өнүгүп жатат болду экен?***

– Акыркы беш жыл ичинде ЖӨБЭММА башкаруунун ички түзүмдөрүн жакшыртууда жыйынтыктарга жетише алды. Бул болсо түрдүү өнөктөштөр менен кызматташтыктын эффективдүүлүгүн жогорулатууга жол ачат. Мисалы, эл аралык кызматташтык, эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү жана координациялоо боюнча иштер үчүн жаңы структуралык бөлүм түзүлдү. ЖӨБ органдарынын өз ара жана мамлекет менен бирге аракеттенүү Платформасы өнөктөштөр менен иштелип чыгып, талкууланды. Бул Платформаны өнүктүрүү үчүн ЖӨБЭММА, ЖӨБ Союзу жана Өнүктүрүү саясат институтунан турган консорциум түзүлдү, ички башкаруу бөлүгүндө болсо ички жана тышкы отчеттуулук системасы жакшырды; эл аралык стандарттарга ылайык, Агенттик 2017-жылы уюштуруучулук аудиттен өттү, ал болсо долбоорлорду ишке ашыруу үчүн потенциал бар болгонун тастыктады (НАСТ).

***– Башкаруунун бул тармагында дыңды бузуу үчүн ЖӨБ чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүүдө жана аны аткарууда ЖӨБЭММАнын ролу кантип өзгөрүшү керек деп ойлойсуз?***

– Кыргыз Республикасы өнүгүүнүн жаңы этабынын босогосунда турат. Учурдун чакырыктары жана Кыргызстан жарандарынын күтүүлөрү бийликтен белгилүү бир тапшырмаларды коюлушун талап кылып турат. Булар болсо жаңы стратегиялык мамлекеттик программаларда чагылдырылган. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну жана этностор аралык мамилелерди өнүктүрүү чөйрөсүндө бул программалардын ишке ашуусу үчүн жоопкерчилик ЖӨБЭММАга жүктөлгөн.

Өкмөттүн "Жаңы доорго – кырк кадам" программасы биздин өлкөнүн калкынын турмуш сапатын жакшыртууга багытталган. Ал эми ЖӨБЭММА программанын бир нече кадамдарына катышат: 13-кадам – "Шаардык инфраструктура" ("Жигердүү шаардык" тейлемеси, электрондук муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр, "Кыргыз почтасы" аркылуу бирдиктүү коммуналдык эсеп); 15-кадам – "Таяныч шаарлардын базасында региондорду өнүктүрүү" (жана атаандаш экономикалык артыкчылыктар); 16-кадам – "Таза суу" (700 адам үчүн ичүүчү сууга, район борборлорунун жашоочуларынын 40% канализацияга жеткиликтүүлүгү); 28-кадам – "Тең мүмкүнчүлүктөр – коомду өнүктүрүүнүн негизи: ЖӨБ органдарына ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү аркылуу жержерлерде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу"; 29-кадам – "Татыктуу эмгек жана карылык" (жумуш менен камсыз кылууга көмөктөшүү чараларынын комплекси жана жумушсуздарды окутуу жана кайра окутуу боюнча программалар); 33-кадам – "Терроризмге жана экстремизмге каршы туруу" (терроризмдин жана экстремизмдин жайылуусуна каршы туруу); 37-кадам – "Кыргыз жараны" – КР жарандарынын идентүүлүгүн түзүүнүн интеграцияланган процесси.

"Таза коом" жалпы улуттук санариптик өзгөрүү программасы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн, өзгөчө муниципалдык менчикти башкарууну өркүндөтүү, коррупция менен күрөшүү жаатында чоң мүмкүнчүлүктөрдү берүүдө.

Стратегиялык мамлекеттик документтер жана өнүгүү пландары ЖӨБЭММАнын алдына жаңы тапшырмаларды коюп жатат. Аларды чечүү үчүн бюджеттик чыгымдарды жана саясий эрктi гана эмес, ошону менен бирге чоң интеллектуалдык күч-аракеттерди, маалымат технологияларын колдонууну, эң негизгиси – ишке карата бардык багыттар боюнча жаңы уюштуруучулук мамилени да талап кылууда. ЖӨБЭММАнын ар бир мамлекеттик программасына жаңы өңүттө жигердүү роль бөлүп берилген жана Агенттиктин жамааты алдында кайра түзүлүү, мобилдүү болуу, бул жаңы тапшырмаларды ийгиликтүү аткара алгыдай иштин стилин өзгөртүү өңдүү оор тапшырмалар турат.








# ЖӨБ органдарынын өз ара жана мамлекет менен бирге аракеттенүү платформасы: эффективдүү диалогду түзүүгө карай жасалган алгачкы кадам

*12-декабрда Бишкекте КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы Координациялык кеңештин кеңейтилген жыйыны өттү. ЖӨБ органдарынын өз ара жана мамлекет менен бирге аракеттенүү Платформасынын бет ачары жыйындын өзөктүк тапшырмаларынын бири болуп калды. Мындай Платформа түзүү зарылчылыгы эмнеден улам пайда болду жана ал кандай болот?*

*Көп жылдан берки жана өнүгүүсүнүн салыштырмалуу ийгиликтүү тарыхына карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруу бүгүнкү күндө кандайдыр бир туңгуюкта калгандай болуп турат. Бир караганда мамлекет жана ЖӨБ органдарынын өздөрү тарабынан көп эле күч-аракет жумшалгандай көрүнөт. Бирок сапаттуу секирик жасай албай жатат. Буга себеп – ЖӨБ менен мамлекет ортосунда сүйлөшүү процессинин, өз ара аракеттенүү механизмдеринин жоктугу. Биз ЖӨБдүн өнүгүүсү менен параллель түрдө ушундай эле ыргак менен, ушундай эле көлөмдө ЖӨБ менен мамлекеттин ортосунда да өз ара мамилелерди куруу менен алектенишибиз керектигин унутуп калгандайбыз. Натыйжада ар бири жалгыз күрөшүүдө, ал эми региондордо процесс өтө жай жакшырууда. Бул ажырымды жеңүү үчүн ЖӨБ органдары менен мамлекеттин ортосунда үзгүлтүксүз диалог түзүлүүгө тийиш. Бирок мындай диалог үчүн туруктуу, легитимдүү тараптар керек. Мамлекет тарабынан маселе жок, анткени бул жерде сүйлөшүү процессинин тарабы – Өкмөт. Ал эми ЖӨБ тарабынан ким болот? Дээрлик жарым миң муниципалитетпи? Мындай мүмкүн эмес. Ушундан улам күчтүү ЖӨБ Союзунун атынан күчтүү өнөктөш керек. ЖӨБ*

*Союзуна күчтөнүп, өзүнүн функцияларын натыйжалуу аткаруусуна жардам берүү максатында, сүйлөшүү процессинин өнүгүүсүнө көмөктөшүү үчүн 2017-жылдын октябрында ЖӨБЭММА, ЖӨБ Союзу жана Өнүктүрүү саясат институту ортосунда тийиштүү механизмди түзүү үчүн үч тараптуу меморандумга кол коюлду. Бул механизм ЖӨБ органдарынын өз ара жана мамлекет менен бирге аракеттенүү Платформасы деп аталат. Платформа бардыгы үчүн – мамлекеттин, ЖӨБ органдарынын, донорлордун, жергиликтүү коммерциялык эмес уюмдардын, жергиликтүү жамааттардын кызматташуусу үчүн шарт түзүп, жергиликтүү жамааттар менен мамлекет ортосундагы кеңири маанисинде сүйлөшүү процессинин жоктугу көйгөйүн чечүүгө жардам берет.*

### Платформанын зарылчылыгы

ЖӨБ органдарынын өз ара аракет Платформасын (мындан ары – Платформа) түзүүгө түзүнөн да (ЖӨБ – ЖӨБ), тигинен да (ЖӨБ – мамлекет) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракет платформасын түзүүгө болгон жогорку муктаждык негизги өбөлгө болду.

Түз өз ара аракеттенүү зарылчылыгы ЖӨБ органдарынын төм. керектөөлөрүнөн улам пайда болду:

- жалпы көйгөйлөрдү чечүү жана муниципалдык башкаруунун сапатын жакшыртуу максатында маалымат, мыкты практика, башкаруу продуктулары жана усулдары менен алмашып турууга керектөө;
- ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттын кызматташтыгын жакшыртууга керектөө;
- жарандык коом жана бизнес менен кызматташтыкты жакшыртууга керектөө.

Ошентип, тик биригүү жана өз ара аракеттенүү зарылчылыгы кесипкөй мүнөзгө ээ.

Өзөктүк өнөктөштөр-акторлор жана бенефициарлар – Кыргыз Республикасынын бардык органдары (аткаруучу жана өкүлчүлүктүү), түрдүү адистиктеги муниципалдык кызматчылар, жергиликтүү жамааттардын активисттери.

ЖӨБ органдарынын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин, КР Өкмөтүн, министрликтерди жана ведомстволорду кошкондо түрдүү мамлекеттик органдар менен бирге аракеттенүүсүнүн туруктуу системасынын жоктугунан улам тик өз аракеттенүүгө зарылчылык пайда болду. Тик өз ара аракеттенүү төмөнкү максаттарга жетүү үчүн зарыл:

- "төмөндөн жогору карай", мисалы, жергиликтүү жамааттардан – Жогорку Кеңешке жана өкмөткө маалымат берүүчү туруктуу каналды орнотуу үчүн;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу, ошондой эле алардын кызыкчылыктарын улуттук деңгээлде коргоо үчүн;
- жалпысынан өлкөнүн жана өз-өзүнчө жергиликтүү жамааттардын туруктуу өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликти, ыйгарым укуктарды жана ресурстарды бөлүштүрүү балансын орнотуу максатында башкаруунун улуттук жана жергиликтүү деңгээлдери ортосунда сүйлөшүү процессин түзүү үчүн;
- мамлекеттик башкаруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара отчеттуулугун күчөтүү үчүн.

Ошентип тик биригүү жана өз ара аракеттенүү зарылчылыгы административдик жана саясий мүнөзгө ээ. Мындай өз ара аракеттенүүнүн жоктугу же жетишсиз деңгээли Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүгө, жарандык укуктарды ишке ашырууга, мамлекеттин потенциалын жана мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүүгө бут тосот.

### Платформанын максаты

Кыргыз Республикасына зарыл болуп турган ЖӨБ органдарынын өз ара жана мамлекет менен бирге аракеттенүү механизмин институционалдаштыруу Платформанын максаты болуп саналат.

### Платформанын тапшырмалары

Жергиликтүү жамааттар менен мамлекет ортосунда байланыш каналдарын жана отчеттуулук механизмдерин институционалдаштыруу.

Борбор менен жергиликтүү жамааттар ортосундагы өнүгүү кызыкчылыктарынын балансына жетүү максатында мамлекет менен ЖӨБ органдары ортосундагы сүйлөшүү процессин институционалдаштыруу.

Методологияларды, продукттарды жана мыкты практиканы киргизүү жана жайылтуу боюнча туруктуу механизмди түзүү.

Түз деңгээлде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда тажрыйба алмашуу боюнча туруктуу системаны түзүү.

### Платформаны түзүү мүмкүнчүлүктөрү

Ушул тапта Кыргыз Республикасында ЖӨБ органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн ушул өңдүү платформасын түзүү үчүн бир нече олуттуу техникалык мүмкүнчүлүктөр бар.

Биринчиден, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун атынан муниципалдык ассоциация. Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө дал ушул муниципалдык ассоциациялар жогоруда аталган тапшырмаларды аткарып келишет, бул болсо жакшы практика катары өзүн көрсөтө алды. Анткен менен Кыргыз Республикасында ЖӨБ Союзунун потенциалы ушул тапта жогорудагы бардык тапшырмаларды толук кандуу аткарууга жол бере албай жатат.

Экинчиден, Кыргыз Республикасында өлкө боюнча кесипкөй практика жүзүндө колдонгон жамааттардын бейформалдуу тарамын кошкондо ЖӨБ деңгээлиндеги мамфинансы чөйрөсүндө





"Теңден теңге" принциби боюнча окутуу практикасын кеңейтүү" аттуу Дүйнөлүк банк менен ЖӨБЭММАнын долбоорунун жыйынтыктары бар:

- айыл өкмөт башчылары (40 лидер, ар бир райондо бирден лидер),
- финансы кызматкерлери (40 лидер, ар бир райондо бирден лидер) жана
- жергиликтүү кеңештердин депутаттары (40 лидер, ар бир райондо бирден лидер).

Бул бейформал тарам маалымат жана практика менен алмашуу боюнча түз биригүү үчүн алгачкы кадам же жакшы пайдубал болуп жатат. 2017-жылдын ноябрь айында долбоор аяктап жатат жана анын жыйынтыктарын андан ары администрациялоо пландары азырынча жок.

Үчүнчүдөн, Кыргыз Республикасында ЖӨБдү өнүктүрүүдө бир кыйла кесипкөй эксперттик потенциал түптөлүп калды. Ошону менен бирге ЖӨБ чөйрөсүндө ири эксперттик уюмдардын бири болуп Өнүктүрүү саясат институту эсептелинет. ӨСИ – адамдын татыктуу жашоого укуктарын ишке ашыруусуна көмөктөшүү үчүн башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттарга көмөктөшүү максатында түзүлгөн жана иштеп жаткан кыргызстандык бейөкмөт коммерциялык эмес уюм.

Бир катар иштеп жаткан узак мөөнөттүү долбоорлор бар. Алардын арасынан эң ириси болуп Швейцариянын кызматташтык жана өнүгүү боюнча агенттиги каржылаган долбоорлор, ошондой эле USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" Долбоору эсептелинет. Бардык өнүгүү долбоорлору жыйынтыктардын туруктуулугун, реформалардын жана мыкты практикалардын андан ары уланып кетүүсүн, эксперттик потенциалдын сакталып калышын камсыздаган аянтчага, уюмга, механизмдерге муктаж болуп турат. Бул жагынан алып караганда Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнүн ички максаттары жана өнүгүү боюнча өнөктөштөрдүн максаттары толугу менен шайкеш келет.

Идеалдуу иштеген абалында ЖӨБ Союзу ЖӨБ органдарынын өз ара жана мамлекет менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн орнотуу үчүн мыкты аянтча болмоктугуна карабастан, азыркы реалдуулукта ЖӨБ Союзун жалгыз өнөктөш катары кароо тобокелдиктер менен коштолот. Ошол эле маалда кандайдыр бир таптакыр жаңы уюм түзүү андан да кем эмес тобокелдиктер менен коштолчудай. Себеби анын легитимдүүлүгүнө жана туруктуулугуна жетишүү өтө көп убакытты жана чоң ресурстарды талап кылат. Ошону менен бирге адатта "долбоордук" продукттарга гана карата боло жүргөндөй жыйынтыгы болот деген кепилдик жок.

Ошондой эле регионалдык коммерциялык эмес уюмдар аркылуу практика менен алмашуу маселесин чечүү аракети натыйжасыз болуп калышы ыктымал. Негизги маселе – ар кандай регионалдык уюм ЖӨБ органдарына түз өз ара аракеттенүү боюнча кызматтарды көрсөтө алат, бирок иш жүзүндө тик өз ара аракеттенүүгө карата жөндөмсүз болот. Бул болсо мындай уюмга мүчөлүк салым түрүндө жетиштүү сандагы ресурстарды мобилдештирүүнү уюштурууга жол бербейт. Себеби муниципалитеттердин мүчөлүк салым төлөө мотивациясы эки ача мүнөзгө ээ. Муниципалитеттердин бир тобу үчүн түз байланыштар, экинчи тобу үчүн тик байланыштар маанилүү. Төмөнкүдөй бар болгон мүмкүнчүлүктөрдү бирдиктүү моделге бириктирүү эң эле рационалдуу чечим болмок:

- уюмдун мыйзам чыгаруу статусунда билинген ЖӨБ Союзунун легитимдүүлүгү;
- түз өз ара аракеттенүүдө ЖӨБ органдарын бириктирген бейформал тарамдардын болгону ("Теңден теңге" принциби боюнча окутуу практикасын кеңейтүү" Дүйнөлүк банк/ЖӨБЭММА Долбоорунун мурасы);
- Союзга институционалдык колдоо көрсөтүп, уюмдун (Өнүктүрүү саясат институту) туруктуулугуна жетүүсүн камсыздай алууга жөндөмдүү эксперттик уюмдардын болгону;
- Өкмөттүн керектөөлөрү жана анын тик өз ара аракеттенүүсүнүн жоктугу көйгөйүн чечүү мүмкүнчүлүктөрү тууралуу элеси.

### Платформанын принциптери

Платформа төмөнкүдөй принциптерге ылайык иштеши керек.

- Уюмдун статусуна же тибине карабастан катышуучулар үчүн ачыктык.
- Маалыматтар менен алмашууга, түрдүү маалыматтык ресурстарды жалпы мейкиндикке чыгарууга даярдык.
- Коомдук пайда – көп сандагы катышуучулар үчүн мааниге ээ болгон көйгөйлөр талкууланып, чечилет. Жеке консультациялар акынын негизинде жасалса болот.
- Ресурстарды жана билимдерди (методологияны, продукттарды, практиканы, ЧУАны ж.б.) системага салуу, алар бардык катышуучулар үчүн жалпы жана акысыз болот (келечекте акынын негизинде кызмат көрсөтүүлөр болушу мүмкүн), маалымат базаларынын жана интерактивдүү тейлемелердин болушу.
- Мобилдүүлүк жана ийкемдүүлүк. Кадарлардын пайда болгон керектөөлөрүнө кыска убакыт аралыгында ыкчам реакция жасоо жөндөмдүүлүгү (мисалы, жалпы көйгөй пайда болгон учурларда эксперттик консультацияларды берүү).
- Мыйзамдуулук жана жалпы эрежелер.
- Тематикалык топторду түзүү жана модераторлорду дайындоо мүмкүнчүлүгү.

### Катышуучулардын ролдору

Идеалында Платформанын сунушталган модели төмөнкүдөй болот.

Платформанын негизги катышуучулары жана бенефициарлары болуп ЖӨБ органдары эсептелинет. Алар түз байланыштарды өнүктүрүп колдоого алат, практиканы пайда кылат, көйгөйлөрдү жана

консультацияларга суроо-талаптарды формулировкалайт, көйгөйлөр тууралуу маалыматтарды бир жерге топтоштурат. Жооп алып, чечимдерди жана өзгөрүүлөрдү практикага жайылтышат. Алар өзгөрүү процессинде негизги кыймылдаткыч күч болушат. Союздун реалдуу мүчөлүк уюмга айлануу процессинин проактивдүү катышуучулары түз деңгээлдеги иштен жана Платформанын ишинен пайда алышат. Бул уюм Платформанын туруктуу өзөгү болот.


Улуттук деңгээлде жалгыз мүчөлүк уюм катары ЖӨБ Союзунун негизги уставдык тапшырмалары болуп төмөнкүлөр эсептелинет: ЖӨБ кызыкчылыктарын чагылдыруу жана коргоо, ЖӨБ органдарына кызмат көрсөтүү (маалыматтык, консультациялык ж.б.) жана мыкты практика менен алмашуу. Мына ушундай уюм катары ЖӨБ Союзу бул Платформада борбордун башкаруучусу, администратору жана маалыматты, методологияларды, продукттарды жана мыкты практиканы кармоочу катары каралса болот (жетиштүү потенциалга ээ болгонунун далили бар болгон учурда).

Мамлекет тарабынан Платформанын маанилүү элементи болуп ЖӨБЭММА эсептелинет. Башка мамлекеттик органдардай эле анын дагы ролу өз ара аракеттенүү чөйрөсүнө жараша консультация берүүдө, маалыматты жеткирүүдө жана методологияларды, продукттарды, практиканы илгерилетүүгө катышууда, ошондой эле ЖӨБ деңгээлинде пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү жолун издөө процессинде башка мамлекеттик органдар менен байланышта турууда камтылган. "Теңден теңге" принциби боюнча окутуу практикасын кеңейтүү" Дүйнөлүк банк/ЖӨБЭММА Долбоорунун администратору катары ЖӨБЭММА туруктуу негизде долбоордун жыйынтыктарын өткөрүп берүүдө өзгөчө кызыкдар жак болуп эсептелинет. Ал тарамдан башка мамлекеттик органдарга суроо-талаптарды өткөрүп берүүгө көмөктөшөт, мамлекеттин жана өкмөттүн атынан ЖӨБ Союзу менен сүйлөшүүчүлөрдүн ролунда чыгат.

Платформада маанилүү роль жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү жаатында жогорку потенциалга ээ болгон эксперттик уюмдарга (ӨСИ) берилет. Эксперттик уюмдар консультация берип, аналитикалык контентин түзүп, ошондой эле маалыматты жайылтууга, методологияны, продукттарды жана практиканы илгерилетүүгө катышат. ӨСИ баштапкы этабында моделдин операциялык башкаруусун, Платформанын фасилитациясын, потенциалды бекемдөөдө ЖӨБ Союзуна консультацияларды берүүнү өзүнө алат, келечекте Союздун жана тарамдын туруктуу контенттик жана аналитикалык өнөктөшү болот.

ЖӨБ чөйрөсүндө иштеген долбоорлор жана өнүгүү боюнча өнөктөштөр (донорлор), жергиликтүү жамааттар максаттардын жана кызыкчылыктардын шайкеш келүү чөйрөсүндө Платформаны ишке ашырууга кошула алышат.

ЖӨБ жана жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү чөйрөсүндө иштеген жергиликтүү коммерциялык эмес уюмдар (КЭУ) Платформанын мааниси жагынан кем эмес элементи болуп саналат. Алар методологияны, продуктту жана практиканы өз аймактарында жайылтууда өнөктөш болуп калышы мүмкүн. Ошондой эле алар кызмат көрсөтүүлөргө жана ЖӨБ органдарынын ишине коомдук мониторинг жүргүзүү чөйрөсүндө Платформанын өнөктөштөрү болуп калышы керек. Ошондой эле жергиликтүү жамааттарга жана жарандардын кызыкчылыктары менен укуктарына бардык деңгээлдеги бийликтин тигил же бул чечимдеринин таасири тууралуу маалыматтын баалуу булагы болуп калышы керек.




Эң соңку бенефициарлар болуп жарандар эсептелинет. Алар методологияны, продуктту жана практиканы колдонуудагы эффективдүүлүктү баалашат, кайтарым байланыш беришет жана Платформа аркылуу Парламент менен Өкмөттөн кайтарым байланыш алышат.





# Муниципалитеттер сурайт, консультанттар жооп беришет

Түрмөктү ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун адистери
**Бектурган ОРОЗБАЕВ, Нуржан МАМЫРАЛИЕВА,**
**Назира ТЮЛЮНДИЕВА жана Нурдин КҮМҮШБЕКОВ** даярдашты

## ТСКАКБ жана муниципалдык ишканалар тууралуу

**ТСКАКБнын ишин текшерүү үчүн жергиликтүү кеңештердин кандай ыйгарым укуктары бар?**

Уюмдардын жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишин текшерүү айылдык кеңештердин негизги багыты болбошу керек. Ошондой эле мыйзамдар айылдык кеңештердин ТСКАКБнын же кандайдыр бир башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишине текшерүү жүргүзүү үчүн айрым бир негиздерди караштырган эмес. ТСКАКБ – бул муниципалдык ишкана эмес, ал өз алдынча юридикалык жак. Анын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен мамилелери АӨ менен ТСКАКБ ортосунда түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат. ТСКАКБнын айылдык кеңеш жана жергиликтүү жамаат алдындагы отчеттуулугу, ЖӨБ органдары тарабынан көзөмөл, анын ишин текшерүү жана башка маселелер келишим менен жөнгө салынат. Мындан улам ТСКАКБнын айылдык кеңеш алдындагы отчеттуулугун жана анын мезгилдүүлүгүн тараптардын макулдашуусу боюнча келишим менен белгилеп алса болот.

Анткен менен кеңеш жалпысынан ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча жергиликтүү маанидеги маселе кантип чечилип жатканын көзөмөлдөшү керек. Бул жоопкерчиликтин контекстинен алганда кеңеш ичүүчү суунун коопсуздугуна байланышкан маселелерди "Ичүүчү суунун коопсуздугу жөнүндө Техникалык регламент тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын алкагында карай алат. Жергиликтүү кеңеш сууну үзгүлтүксүз берүүнүн техникалык коопсуздугунун сакталышын, ичүүчү суу менен камсыздоо системаларын булгануудан коргоону камсыз кылууну, адам үчүн коопсуздук талаптарына жооп берген реагенттерди колдонууну ж.б. талап кылууга укуктуу.

**ТСКАКБ ичүүчү сууга байланышкан кызмат көрсөтүүдөн тышкары кошумча башка кызматтарды көрсөтө алабы? Мисалы, таштанды жыйноо жана ташып кетүү боюнча кызмат көрсөтө алабы? Айыл өкмөтү муниципалдык ишкананы түзүү менен бул кызмат көрсөтүүнү ТСКАКБга өткөрүп бере алабы?**

ТСКАКБ калкты ичүүчү суу менен камсыздоо максатында гана түзүлгөн. Белгилүү болгондой, айылдардагы (райондук борборлордон башка) ичүүчү суу менен жабдуу системаларын таза сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелеринин менчигине өткөрүп берүү жана аларды андан ары пайдалануу керектөөчүлөр өздөрү суу менен жабдуу системасынын ээси болсун деген максат менен жасалган (КР Өкмөтүнүн 2001-жылдын 28-декабрындагы №828 Токтому). Бул токтомдо ошондой эле элет жергесинде бардык керектөөчүлөрдү сапаттуу таза суу менен үзгүлтүксүз камсыздоо боюнча ТСКАКБнын негизги тапшырмалары да аныкталган.

Анткен менен "Ичүүчү суу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамындагы жоболорду ишке ашыруунун алкагында КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №59 Токтому менен балансында айылды суу менен камсыздоо объектилери бар бардык ТСКАКБларга аларды өз балансынан айыл өкмөттөрүнүн жана поселоктук өкмөттөрүнүн балансына акысыз өткөрүп берүү сунушталган.

Юридикалык жак катары ТСКАКБ турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу боюнча милдетти өзүнө алууга укугу бар (алса болот), мыйзамдар буга тыюу салбайт. Бирок турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу ТСКАКБнын уставына, жогоруда айтылган КР Өкмөтүнүн токтому менен белгиленген негизги максаттарына жана тапшырмаларына шайкеш келбей калат.

Мындан улам суроого жооп: турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүнү ТСКАКБга өткөрүп берүү жакшы болмок эмес. Бирок КР Граждандык кодексине жана "Ичүүчү суу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ЖӨБО адистештирилген муниципалдык ишкана түзө алышат. Бул ишкананын карамагына ичүүчү суу менен камсыздоо функциясын, ошондой эле КТКны жыйноо, ташып кетүү жана керектен чыгаруу боюнча жумуштарды уюштурууну киргизсе болот.

**Он биринчи жергиликтүү маанидеги маселе – турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу – айыл өкмөтүнүн милдети. Мындай учурда айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык ишкананы түзүү туура болобу?**

Граждандык кодекс коммерциялык уюм болгон юридикалык жакты мамлекеттик жана муниципалдык ишкана формасында түзүүгө жол берет.

Муниципалдык ишканалардын уставдык максаттарынын өзгөчөлүгү – мындай уюмдун ишмердүүлүгү толугу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө, б.а., аймактын жашоо-турмушунун тутумунун иштешин жана өнүгүшүн уюштурууга багытталышы керек. Мындан улам ЖӨБ органдары калкты таза суу менен жабдуу, канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу, муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу, турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу, жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу үчүн муниципалдык ишканаларды түзүүгө укугу бар. (ЖӨБ жөнүндө Мыйзамдын 18-беренеси).

## Жергиликтүү кеңештин депутаттары тууралуу

**Жергиликтүү жамааттын пикирин эсепке албаган депутатка карата кандай чараларды көрсө болот?**

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" КР Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештердин депутаттарына шайлоочулар менен өз ара аракеттенүүсү боюнча белгилүү бир милдеттер жүктөлгөн. Аны менен катар, жергиликтүү кеңештин депутаты шайлоочулар, өзүн депутаттыкка талапкерликке көрсөткөн жамааттар жана жарандардын бирикмелери, ошондой эле өзүнүн шайлоо округунун аймагындфа жайгашкан башка ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жамааттары, мамлекеттик органдар, өз алдынча башкаруу органдары жана жарандардын бирикмелеринин органдары менен байланышта болуп турат. Шайлоочулар өздөрүнүн депутаттарына сунуш-талап бере алышат. Депутат өзүнүн шайлоо округунун шайлоочуларынын алдында жоопкер жана аларга отчет берип турат. Тилекке каршы, жергиликтүү кеңештердин депутатынын шайлоочулар алдындагы жоопкерчилиги мыйзам чыгаруу деңгээлинде бекемделген эмес. Мыйзамдар шайлоочулардын ишенимин актабаган "жергиликтүү кеңештердин депутаттарын чакыртып алуу институту" деген түшүнүктү караштырган эмес.

Бүгүнкү күндө депутат жергиликтүү кеңеште жана анын органдарында өзүнүн милдеттерин аткарбаган, алардын ишинин белгиленген тартибин дайыма бузган учурда, жергиликтүү кеңеш мандаттык комиссиянын, депутаттык иш жана этика маселелери боюнча комиссиянын алдын ала корутундусу боюнча аны белгилүү бир мезгилге депутат катары төлөнүүчү төлөөлөрдөн жарым-жартылай же толук ажыратуу, депутаттын өзүнүн милдеттерине карата мамилеси тууралуу шайлоочуларга кабарлоо жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн ("Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" КР Мыйзамынын 7-беренеси).

## Өзгөчө кырдаалдар тууралуу

**Сел жүрүү коркунучу жогору айылдары бар аймактарда өзгөчө кырдаалдарга карата мамлекет менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдеттери жана жоопкерчилиги кантип бөлүштүрүлгөн?**

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 18-беренесинин 22-пунктуна ылайык, "өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү" жергиликтүү маанидеги маселелерге кирет.

Ошондой эле "Жарандык коргонуу жөнүндө" КР Мыйзамы да иштейт. Бул Мыйзам тынчтык жана согуш мезгилиндеги өзгөчө кырдаалдарда Кыргыз Республикасынын калкын жана аймагын Жарандык коргоо жагынан уюштуруучулук-укуктук нормаларын аныктайт. Мыйзамда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, уюмдардын жана калкынын Жарандык коргонуу маселелерин чечүүдөгү ыйгарым укуктары каралган.

Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана өзгөчө кырдаал мезгилинде кыйроодон сактоочу жана башка кечиктирилгис жумуштарды өткөрүү боюнча республикалык бюджеттин жана менчик каражаттардын эсебинен каржылоону алдын ала карашат.

10-берене менен жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Жарандык коргонуу жагындагы милдеттери каралган. Ага ылайык, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- Жарандык коргонуу боюнча комиссияларды түзөт жана алардын ишин координациялайт;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Жарандык коргонуу жагынан буйруктарды жана тескемелерди чыгарат;
- өзгөчө кырдаалдарды прогноздоо жана алдын алуу боюнча өздөрүнө баш ийүүдөгү ведомстволук аймакта иш-чараларды өткөрөт;
- турак үйлөрдү, административдик жана өндүрүштүк имараттарды жана курулмаларды курууга жер участкаларын бөлүү жөнүндө чечимди ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашат;
- жарандык коргонууну жүргүзүү үчүн зарыл болчу күчтөрдү жана каражаттарды даярдоону жана даярдыкта кармап турууну ишке ашырат;
- калкты ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген программалар боюнча өзгөчө кырдаалдарда коргонуу жана иш-аракеттерин жүргүзүү ыкмаларына үйрөтүүнү уюштурат;
- өзгөчө кырдаалдарда эвакуациялык иш-чараларды өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алат жана алардын өткөрүлүшүн уюштурат;
- өзгөчө кырдаалдардын чыгуу коркунучу же чыккандыгы жөнүндө калкка өз убагында кабар берүүнү камсыз кылат;
- тынчтык мезгилде материалдык-техникалык, азык-түлүк, медициналык, жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарынын запастарын түзүү жана даярдыкта кармоо үчүн бюджетте ар жылы финансылоону карайт.

10-беренеде көрүнүп тургандай, мыйзамдар жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги жана милдеттери ортосунда так чекти өткөргөн эмес, анткени алар мыйзам менен бир жооптуу жак катары бириктирилген. Иш жүзүндө болсо, бюджеттер жергиликтүү жана мамлекеттик деп өз-өзүнчө бөлүнгөн факторду эсепке алуу менен, мындай биригүү мүмкүн эмес. Мындан улам бул маселени мыйзам чыгаруу деңгээлинде чечиш керек.

## Статист-экономисттин отчеттуулугу тууралуу

**Статистикалык маалыматтарды жыйноо боюнча берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу милдети жүктөлгөн айыл өкмөтүнүн адиси өз иши тууралуу кимдин алдында отчет бериши керек?**

"Мамлекеттик статистика жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тартиби жөнүндө мыйзамдарга ылайык, ЖӨБ органдары мамлекеттик статистикалык байкоолорду жүргүзөт жана статистикалык отчетторду жыйнайт. Бул ыйгарым укук ЖӨБ органдарына мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде өткөрүлүп берилет.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө" КР Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамда же келишимде белгиленген мөөнөттөрдө тиешелүү мамлекеттик органга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышы жана аларды аткаруу үчүн бөлүнгөн материалдык жана каржылык каражаттардын пайдаланылышы тууралуу отчетторду берет. Статист-экономист кызматын ээлеген адам муниципалдык кызматчы болуп эсептелинет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчисине баш ийет.

Ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына мамлекеттик орган келишимдин негизинде берген статистикалык маалыматтарды жыйноо боюнча ыйгарым укуктарды аткарат. Буга байланыштуу статист-экономист өз ишинин жыйынтыктары жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын атынан мамлекеттик бийлик органына отчет берет, бирок АӨ башчысына же мэрге баш ийет.

## Сатуудан алынган салыктан түшүүлөрдү жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүү тууралуу

**Электр энергиясын сатуудан алынган салыктан түшүүлөр район борборунун бюджетине, б.а., Кочкор айылына түшөт. Бирок Кочкор районундагы бардык айылдардын жашоочулары бул салыктын иш жүзүндөгү төлөөчүлөрү болуп саналышат. Салыктын бул түрү райондогу бардык айылдык аймактар ортосунда абоненттердин санына жана алардын иш жүзүндөгү төлөгөн көлөмүнө пропорционалдуу бөлүштүрүлө тургандай кылып кантип жасай алабыз?**

2015-жылдын 31-декабрындагы №235 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Салык кодексине, «Кыргыз Республикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамына ылайык, ушул тапта накталай эмес формада төлөнгөн товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатууда сатуудан алынган салыктын ставкасы 0 пайыз өлчөмүндө белгиленген. Мындан улам электр энергиясы кызмат көрсөтүүсү үчүн төлөмдөр накталай эмес формада жүзөгө ашырылгандыктан, электр энергиясы кызмат көрсөтүүсүн төлөөдө сатуудан алынган салык алынбайт.

## Дем берүүчү грант боюнча каражаттардын калдыктары тууралуу

**Эгерде ЖӨБ органы дем берүүчү грант катары республикалык бюджеттен бөлүнгөн бардык сумманы жыл ичинде коротпосо, мунун кесепеттери кандай болушу мүмкүн?**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 токтому менен бекитилген Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө жобого ылайык, келишимдерди дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоо жергиликтүү бюджеттен жана башка тартылган каражаттардан төлөөлөр аяктагандан кийин транш боюнча ишке ашырылат. Биринчи транш жергиликтүү бюджеттердин өздүк акчалай салымдарынын жана тартылган каражаттардын жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын каражаттарын кошо каржылоонун эсебинен долбоорлордун жалпы суммасынын 30% өлчөмүндөгү аванс менен каржыланат.

Кийинки төлөмдөр авансытык төлөмдөрдү алып салганда келишим боюнча долбоордун наркынын 20%ынан кем эмес өлчөмдү түзгөн иштерди иш жүзүндө аткаруу жөнүндө тапшырылган отчеттун негизинде каржыланат. Курулуш иштерине келишим боюнча долбоордун наркынын 5% өлчөмүндөгү акыркы траншы долбоорду аяктоо жөнүндө отчет тапшырылгандан кийин каржыланат. Эгерде ЖӨБ органы долбоор аяктаганы тууралуу отчетту жылдын аягына чейин бербесе, анда кийинки жылы республикалык бюджеттен бул долбоорго финансы каражаттары бөлүнбөйт. ЖӨБ органы долбоорду жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен же башка булактардан жыйынтыкташы керек болот.

## Региондорду өнүктүрүү фондунун иши тууралуу

**Райондун региондорду өнүктүрүү фонду кантип иштейт? Акча каражаттары кайдан түшүп турат?**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-ноябрындагы №63 токтому менен бекитилген "Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө" Типтүү жобосу ылайык, Фонддун акча каражаттары Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун акча каражаттары болуп саналат. Райондун өнүктүрүү фондунун каражаттары төмөнкүлөрдөн түзүлөт:

1) бюджеттик каражаттар боюнча төмөнкүлөрдүн эсебинен:

- алтындын запасы 50 тоннадан ашык болгон кен чыккан жерлерди, ошондой эле салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө мыйзамга ылайык жалпы мамлекеттик маанидеги башка пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүүчүлөрдөн жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү күтүүгө чегерүүлөрдүн 80 пайызынын;
- алтындын запасы 50 тоннадан аз болгон кен чыккан жерлерди, ошондой эле салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө мыйзамга ылайык жалпы мамлекеттик маанидеги башка пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүүчүлөрдөн, жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү күтүүгө чегерүүлөрдүн 30 пайызынын;
- конкурстук объекттин кенин пайдалануу укугун сатуудагы жыйынтык баадан жер казынасы жөнүндө геологиялык маалыматтын пакетинин бонусун жана наркынын баасын эсептен чыгаруу менен 3 пайызынын;
- кен чыккан жерлери токой фондунун жерлеринин же запастагы жерлердин аймагында жайгашкан пайдалуу кендерди сатуудан чегерилүүчү, жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө арналган каражаттарынын;

2) атайын каражаттар боюнча төмөнкүлөрдүн эсебинен:

- донорлордун жана демөөрчүлөрдүн ыктыярдуу төгүмдөрүнүн;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын.

Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр казыналык тутумунда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү органдарынын аккумуляциялык эсептерине чегерилет жана төмөнкүдөй тартипте мыйзамдарда белгиленген ченемдерге ылайык бөлүштүрүлөт: 20 пайызы - тиешелүү айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине жана 80 пайызы - республикалык бюджетке.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Региондорду өнүктүрүү фонддоруна каражатты республикалык бюджетке каражат которулган күндөн тартып 5 жумуш күнүнүн ичинде которот. Районду өнүктүрүү фондун республикалык бюджеттен каржылоо чыгашалардын бекитилген сметаларына жараша белгиленген казыналык жол-жоболор боюнча жүзөгө ашырылат. Бюджеттик каражаттардын негизги башкаруучусу болуп саналган Фонд тандалган долбоорлорду ишке ашыруу боюнча акча-төлөм операцияларын аткарууда, бөлүнгөн лимиттин чегинде акча каражаттарын сарптоону жүзөгө ашырат. Тиешелүү жылга карата республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген каражаттардын көлөмүнөн түшүүлөр жогору болгон учурда, сметалык дайындоолорду тактоо белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Фонддун каражаттарын кассалык тейлөө Фонддун берилген билдирүүлөрүнө ылайык каржыланган суммалардын көлөмүндө казыналыктын региондук бөлүмдөрү тарабынан аткарылат. Долбоорду каржылоо Фонддун администраторунун атынан Өнүктүрүү фонду менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчисинин атынан арыз ээсинин ортосунда кол коюлган эки тараптуу макулдашуунун негизинде жүзөгө ашырылат. Долбоорлор боюнча төлөмдөрдү мониторингдөө жана контролдоо Фонд тарабынан жүзөгө ашырылат. Фонд сметаларды аткаруу боюнча отчётту белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине сунуштайт. Долбоорду каржылоо долбоорду ишке ашыруунун графиги боюнча аткарылган иштердин актысынын жана подрядчы сунуштаган жана арыз ээси менен макулдашылган, же долбоордо каралган иштин түрүнө жараша арыз ээси сунуштаган долбоорду каржылоо планы боюнча аткарылган траншитын актысынын негизинде жүзөгө ашырылат.

**Региондорду өнүктүрүү фондунан кандай максималдуу сумманы алууга болот?**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-ноябрындагы №63 токтому менен бекитилген "Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө" Типтүү жобо менен бир долбоорго бөлүнгөн каражаттын максималдуу суммасы белгиленген эмес.

## Муниципалдык мүлктү ижарага берүү укугун мурастоо тууралуу

**2010-жылы айыл өкмөтү коомдук мончонун имаратын жеке жакка ижарага берген. Бул имарат айылдык аймактын муниципалдык мүлкүнүн реестринде турат. Келишимде имарат андан ары сатып алуу укугу менен берилет деп көрсөтүлгөн. Эми ушул келишимге кол койгон адамдын көзү өтүп кеткен, ал эми анын балдары айылдык аймактан бул имаратты аларга берүүнү талап кылышууда. Эмне кылыш керек?**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 556-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, эгерде мыйзамда же келишимде башкача каралбаса, кыймылсыз мүлктү ижарага алган жаран дүйнөдөн кайткан учурда ушул мүлктү ижарага берүү келишими боюнча анын укуктары менен милдеттери мураскорго өтөт жана келишим түзүү ижарага алуучунун жеке сапаттары менен шарталган учурларды кошпогондо, ижарага берүүчү мындай мураскорго келишим колдонулушунун калган мөөнөтүнө ага киришинен баш тартууга укуксуз. Сөз болуп жаткан окуяда эгерде келишим түзүү ижарага алуучунун жеке сапаттары менен шарталбаса, анда ижарага алуучунун мураскорлору ижара келишимине өтүшү керек жана ижарага берүүчү катары айыл өкмөтү мындан баш тартууга укугу жок. Жеке сапаттар дегенде атайын билимди, ыкты, көндүмдөрдү, кесипти түшүнүш керек. Мисалы, эгерде кыймылсыз мүлк (турак жай) белгилүү бир машыктыруучуга ижарага берилип, келишимдин шарттары менен ал спорттук сабактарды өткөрөт деп көрсөтүлсө. M



# ЖӨБ органынын ийгиликтүү жетекчиси гана тажрыйба менен бөлүшүүгө даяр

**Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугуна жетүү жана отчеттуулугун күчтөндүрүү, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн потенциалын жогорулатуу максатында 2017-жылдын жай мезгилинде Ош, Нарын жана Чүй облустарынын 22 ЖӨБ органынын өкүлдөрү үчүн тажрыйба алмашуу боюнча иш сапары уюштурулду. Бул сапар Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылап, Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ долбоору) алкагында уюштурулду. Иш-чарага долбоордун 22 максаттуу муниципалитетинен кыркка жакын өкүл (10 АА – Ош, 5 АА – Нарын, 7 АА – Чүй), үч облустан жана Бишкек шаарынан ММКнын он өкүлү, КР ЖӨБ Союзунун өкүлү, Долбоордун 14 эксперти жана консультанттары катышып, бул жагдай иш-чарага республикалык масштабды берди.

Ош жана Нарын облусунан келген катышуучулар Чүй облусунан келген кесиптештери менен тажрыйба алмашышты: жарандарды бюджеттик процесске тартуу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди биргелешип чечүү практикасы чөйрөсүндө Ак-Башат АА (Жайыл району) жана Кочкорбаев АА (Ысык-Ата району). Бул эки муниципалитет коомдук бюджеттик угууларды (КБУ) жана Таза суу керектөөчүлөрүнүн айылдык коомдук бирикмесинин (ТСКАКБ) суу пайдалануучуларынын жалпы чогулушун кошкондо, коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү аркылуу иштин айкындуулугу жана ачыктыгы чөйрөсүндө өз жетишкендиктерин көрсөтүштү. Бул жерде сапардын катышуучулары байкоочулар катары түздөн-түз катышты. Мындан тышкары алар бир катар объекттерде болушту. Алар да инвестицияларды тартуу, калк менен иштешүү ж.б. өңдүү чөйрөлөрдө эки муниципалитеттин жеткишкендиктерин көрсөтүп беришти.









## Ак-Башат: коомдук угуулар ушактарды алдын алууда

Ак-Башат муниципалитетинин ЖӨБ органдары коноктор келген күнү 2018-жылга бюджет долбоорун кароо жана талкуулоо боюнча коомдук угууларды (КБУ) өткөрүштү.

Угуулардын жүрүшүндө айыл өкмөттүн кызматкерлери 2018-жылга бюджет долбоорунун пландалган киреше жана чыгаша бөлүктөрү жөнүндө маалыматты ачыкташты. Бардык маалымат проектордун жана киреше диаграммалары тартылган көрсөтмөлүү баннерлердин жардамы менен тартууланды. Ар бир катышуучуга уюштуруучулар бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн жана тема боюнча башка материалдарды алдын ала таратып беришти. Жайкы талаа иштерине байланыштуу угууларга аз сандагы адам келгенине карабастан, талкуу абдан жемиштүү болду; калк тарабынан ЖӨБОнун алдында конкреттүү тапшырмалар коюлду, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча бюджет долбооруна өтө көп конструктивдүү сунуштар түштү. Мисалы, бюджет долбоорунда төмөнкүдөй көйгөйлөрдү чечүүгө финансыны караштыруу: жер алдындагы сууларды көтөрүү, ички жолдордун ремонту, көчөлөрдү жарыктандыруу, эки айылга таза суу жеткирүү үчүн суу түтүк системасын оңдоо, айыл өкмөттүн балансында турган үйлөрдү оңдоо, чукул кырдаалдарга чыгашалар ж.б. Сөз соңунда айыл өкмөт башчысы Канат ҮМӨТАЛИЕВ активдүүлүгү жана өз муниципалитетине кайдыгер карабаганы үчүн угуунун катышуучуларына ыраазычылыгын билдирип, бардык түшкөн суроолор жана сунуштар кеңири изилденип, 2018-жылдын бюджетинде мүмкүн болушунча эсепке алынып, айылдык кеңештин сессиясында биротоло каралат деп ишендирди.

Угуулардын соңунда тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары иш-чара кантип уюштурулганын жана өткөрүлгөнүн талкуулашты. Ал эми Ак-Башат айылдык аймагынын ЖӨБО өкүлдөрү коомдук угууларга чейин маалымат өнөктүгүн уюштуруу жана өткөрүү боюнча тажрыйбасы менен бөлүштү. Дээрлик бардык катышуучулар талаа иштери кызып турган жай мезгилинде адамдарды коомдук иш-чарага чогултуу оор деген бир пикирге келишип, ошону менен бирге Ак-Башат айылдык аймагынын жетишкендиктерин да белгилешти.

Касмакун МАМЫРБАЕВ, Нарын облусунун Нарын районундагы Учкун АӨ башчысы: "Мени регламенттин тактыгы жана сакталышы, угууларды өткөрүү процессиндеги тартип таң калтырды. Бирок эң негизгиси – жигердүү жана сабаттуу калк бюджеттик маселелерди жакшы түшүнөт экен. Ошондой эле залда илинип турган жарыялар жана бюджет боюнча диаграммалар түрүндө маалыматтын берилгени да жакты. Маалымат өнөктүгүн өткөрүп, ушундай эле деңгээлде коомдук иш-чараларды уюштуруу үчүн биз мунун баарын сүрөткө тартып алдык".

Ош облусундагы Алай районунун Бүлөлү айыл өкмөт башчысы Ак-Башат АӨ КБУну ийгиликтүү өткөрө алганын жана бул – калк менен өз ара аракеттенүүнүн жакшы аспабы болгонун белгиледи: "Эгерде дайыма калктын жана АК депутаттарынын катышуусу менен иш-чараларды ущинтип ачык жана айкын өткөрсө, анда оппозициялык депутаттар жана жалпы калк арасында орток пикир орун



алат. Маалыматтын жоктугунан улам таптакыр карама-каршы пикирлерди пайда кылган ушак кептер жаралат".

Катышуучулар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн мыкты тажрыйбасын чагылдырып турган бир катар объекттерди кыдырып чыгышты. Мисалы, алар 2016-жылы жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2 млн. 400 миң сомго заманбап технологиялар менен курулган жаңы чакан футбол талаасында болушту. Коноктордо талааны көрсөтүп жатып, Ак-Башат АӨ башчысы жаштар арасында спортту өнүктүрүү көйгөйү 2015-жылдын соңунда өткөн ЖМБА-сессиясында аныкталганын жана Биргелешкен аракеттер планына (БАП) киргенин айтып берди. Айыл өкмөт башчы аймактын футболчулары республикалык деңгээлдеги түрдүү таймаштарда байгелүү орундарды ээлешип, мыкты жыйынтыктарды көрсөтүшкөнүн белгиледи: "Ошондуктан ЖӨБО БАПтын алкагында жаш спортчуларды колдоого алып, аларга бардык зарыл болгон кошумча жайларды, чечинүүчү жайлары жана отургучтары бар чакан футбол талаасын белекке берүүнү чечти".

Ошондой эле катышуучулар жолдорду түздөп, каналдарды тазалап жаткан атайын техниканын (трактор-экскаватор) эксплуатациялоосуна да күбө болушту. Бул техника муниципалитеттин инфраструктурасынын абалын жакшыртуу максатында БАПтын алкагында Долбоордун гранттык колдоосунун (1 млн. сом) жана жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн 1 млн. 117 миң сомдун эсебинен сатып алынган.

Ошондой эле катышуучулар Ново-Николаевка айылындагы мектеп-гимназиясында да болушту. Бул мектептин ремонтуна республикалык бюджеттен 9 840 000 сом көлөмүндө инвестиция тартылган. Мектептин директору тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучуларына жетишкендиктер тууралуу айтып берди: "2017-жылы биздин мектеп-гимназия облустагы мыкты инновациялык мектеп болду. 2042 окуучу үчүн сабактар эки тилде өткөрүлөт, ал эми бардык 67 окуу классы класс-комплектер менен жабдууланган, үч класс толугу менен компьютердик техника жана интерактивдүү такталар менен жабдылган. 2017-жылы муниципалитет эки мектептин ашканасынын капиталдык ремонтуна жана ашкана жабдууларын сатып алууга 1 млн сом көлөмүндө грант утуп алган. Бул жардам биздин өтүнмөнү колдоп берген Долбоордун Гранттык программасынын алкагында мүмкүн болду".

Уккан жана көргөндөрдүн ичинен кайсылары Ош жана Нарын облустарынын максаттуу муниципалитеттеринде өткөрүлүп келет деген суроого тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары чогулуштарды гана өткөрүшөрүн, болгондо да адамдардын саны аз экенин мойнуна алышты. Алар коомдук угууларды өткөрүшпөйт экен. Жергиликтүү демилге боюнча айтсак, айылдын көйгөйлөрүн чечүүдө калк ЖӨБ органдарына адатта акча жана өз эмгеги менен жардам беришет. Бирок "жергиликтүү демилге" түшүнүгүнүн өзү азырынча баамдала элек. Катышуучулар өз муниципалитеттеринде ушул өңдүү угууларды уюштурууда жана өткөрүүдө Долбоор тараптан жардам болот деген үмүтүн билдиришти.

### Кочкорбаев АА: ТСКАКБ көйгөйлөрдүн "жүгүнөн" арылууда

Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары Кочкорбаев айылдык аймагында да болушту. Бул жерде "Суу – бул жашоо" ТСКАКБ ЖӨБ органдарынын жигердүү көмөгү менен таза сууну натыйжалуу колдонуу маселелерин талкуулоо максатында суу пайдалануучулардын жалпы чогулушун өткөрдү. Катышуучулар ТСКАКБ менен ЖӨБ органдарынын жетекчиликтери ортосунда уюмдун ишмердүүлүгү жөнүндө актуалдуу маселелер боюнча кызыктуу жана жандуу диалогго күбө болушту.

Чогулуштун жүрүшүндө ТСКАКБнын учурдагы төрагасы Мирлан КАРАГУЛАКОВ өз ишин бул кызматта 2017-жылдын февраль айында гана баштаганын, бирок буга карабастан көптөгөн маселелерди оң чече алганы белгилүү болду. ТСКАКБ мүчөлөрү жана ЖӨБО анын жетишкендиктерин белгилешти, бирок ошондой эле дагы көп нерсени оңдоп, чечиш керектигине көңүл бурушту. Анткени ТСКАКБ иштеп келаткан 16 жыл ичинде өтө көп сандагы маселелер топтолуп калды. Ошондуктан биринчи кезекте алар суу пайдалануучулардын жалпы чогулушунан башташты. Чогулуштун күн тартибине төмөнкү маселелер коюлду: 2016-жыл жана 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн ТСКАКБ иши жөнүндө маалымат, ТСКАКБ Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү, тарифти кароо жана акы төлөбөгөндөр менен иш алып баруу.

Штатында тогуз адам болгон "Суу – бул жашоо" ТСКАКБ Кеңеш (364 абонент) жана Буденовка (417 абонент) айылдарын ичүүчү суу менен камсыздайт. Айылдык кеңештин депутаттары 2016-жылдын 9-июнунда тарифти бекиткенден бери суу үчүн тариф бир суу пайдалануучуга айына 25 сому түзөт. Иш-чараны ачып жатып, Кочкорбаев АӨ башчысы Эркинбек КЕРИМКУЛОВ ТСКАКБ менен айыл өкмөт ортосунда кызматташтык жөнүндө эки тараптуу келишимге кол коюлганын, жаңы тариф эсептелип чыкканын, ал бүгүн макулдашууга эмес, кароого гана берилээрин белгиледи. "ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташтыктын натыйжасында 2015-жылдан бери биз өз ишибизде ачыктыкка жана айкындуулукка жетише алдык. Эң артыкчылыктуу көйгөйлөр ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Гранттык программасынын колдоосу менен чечилди: баасы 1 млн сом болгон жаңы суу алгыч курулду жана 1 млн сомго көчөлөргө жарык орнотулуп жатат. Суу – биздин баа жеткис байлыгыбыз жана аны акылдуулук менен колдонуп, сакташыбыз керек. Мен баарыңыздарды, чогулуштун урматтуу катышуучулары, бүгүн көтөрүлүп жаткан маселелерди талкуулоого жигердүү катышууга чакырам", - деп кошумчалады муниципалитеттин башчысы.



Суу пайдалануучулар алдындагы отчетунда ТСКАКБ төрагасы калктын таза сууну колдонгону үчүн акы чогултуу начар болгондуктан акыркы жылдары өнбөгөн калдык көйгөйүнө өзгөчө басым жасады. Аны менен катар, 2016-жылы 750 000 сом жана 2017-жылдын алты айы үчүн 100 000 сом түшпөй калды, калктын карызы ТСКАКБ бюджетинин 33% түзөт. Төраганын айтымында, акчанын начар чогулуп жатышынын бир нече себептери бар: ичүүчү сууну туура эмес пайдалануу – калк чарбагын ичүүчү суу менен сугарат; жумушчу кадрлардын жетишсиздиги – эмгек акынын аздыгынан улам ширетүүчүлөр токтобойт; ичүүчү суу үчүн өз убагында акы төлөө канчалык маанилүү болгонун калк билбейт же билгиси келбейт. Таза сууну үнөмдүү пайдаланууга чакыруу менен, ТСКАКБ жетекчилиги акы төлөбөгөндөргө таасир этүү чараларын сунуштады:

1) карызкорлордун тизмесин Кочкорбаев АӨ маалымат такталары жана маалымат барагы аркылуу жарыялоо;

2) бардык карызкорлорго карызды тындыруу жөнүндө жазуу түрүндө эскертүү тапшыруу, андан соң участкалык милиция кызматкеринин жана кварталчынын чакыруу кагазы аркылуу аксакалдар сотуна чакыруу;

3) эгерде карызкор аксакалдар сотунун чечимине реакция жасабаса, анда аксакалдар соту ишти сотко өткөрүп берүү жөнүндө чечим чыгарат.

ТСКАКБ мүчөлөрүнүн басымдуу бөлүгү бул сунуштарга макул болуп, өз пикирлерин да айтышты, акы төлөбөгөндөр менен иш алып баруу боюнча сунуштарын беришти: аксакалдар соту акы төлөбөгөндөргө карата катаал чараларды көрүшү керек. Себеби ошолордун айынан сууну колдонгону үчүн акыны өз убагында төлөгөн калктын бөлүгү жабыркап келатат.



Жергиликтүү кеңештин төрагасы Адилет АЛБЕКЕНОВ көпчүлүк жашоочулар суунун жоктугуна же суу алгычтын иштебеген абалына ж.б. даттанып жатканын, ал эми ал арада Кеңеш айылынын жашоочулары 550 000 сом карыз болгонун белгилеп, аларды уяткаруу үчүн тасма тартууну сунуштады: "Эмне үчүн биз АӨ башчысын же ТСКАКБ төрагасын гана карап, алардын чечимин күтүп отура беришибиз керек? Биз, мисалы, өз көчөбүздө трубаны өзүбүз эле өткөрүп, суу жеткире алдык[1]. Баары өз колубузда. Эгерде биз чогула алсак, анда ичүүчү суу көйгөйүн биротоло чечмекпиз. Дүкөндө биз жарым литр суу үчүн 20 сом төлөйбүз, ал эми бул жерде бир адамдан айына болгону 25 сом алыныш керек болуп турат. Эгерде өз убагында төлөп турсак, муну менен ремонт жана жаңы суу түтүк тарамын орнотуу маселелерин гана чечпестен, ошону менен бирге жалпы айылдык аймактын өнүгүүсүнө чоң салым кошо алабыз", - деп айтты жергиликтүү кеңештин төрагасы.

Алдын ала карап чыгуу үчүн ТСКАКБ жетекчилиги жаңы тарифтин эсебин берди. Бул тариф керектөөчүлөрдү ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн ТСКАКБ кызмат көрсөтүүлөрүнө бааны (тарифти) аныктоо боюнча методикалык сунуштамалардын негизинде иштелип чыккан. Бул эсептөө КР Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана регионалдык өнүгүү боюнча мамлекеттик агенттиктин 2012-жылдын 8-октябрындагы №170 буйругу менен бекитилип, КР Экономика министрлигине караштуу Атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча департаменти менен макулдашылган. Методикалык сунуштамаларга ылайык жүргүзүлгөн эсептөөлөр боюнча, Кочкорба-



1 Бул автордун жеке пикири. Өнүктүрүү саясат институту жарандар өз күчү менен инфраструктуранын курулушу менен алектениш керек деген идеяны колдобойт. Бул – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдети. Бирок төрага карызкорлорду зекигени туура – кызмат көрсөтүү үчүн өз убагында акы төлөнбөгөнү аларды жеткирүүнү камсыздоого мүмкүнчүлүк бербей жатат.

ев ААнын “Суу – бул жашоо” ТСКАКБнын суу менен жабдуу кызмат көрсөтүүлөрүнө тариф бир адамга 35 сомду түздү.

Ошондой эле ТСКАКБнын 2017-жылдын соңуна чейин кыска мөөнөттүү жана 2020-жылга чейин узак мөөнөттүү пландары тартууланды. Ага ылайык, масштабдуу иштер пландалууда: ТСКАКБнын бюджетинен 600 000 сомго төрт скважинаны тазалоо жана 120 000 сомго ичүүчү сууну зыянсыздандыруу үчүн үч бактерициддик түзүлүштү ондоо; 21 млн. сомго узундугу 30 км трубаны алмаштыруу жана 1 300 000 сомго жаңы көчөлөрдө 5 км трубаларды төшөө, бул үчүн инвестицияларды тартуу талап кылынат; кызмат көрсөтүүлөрдү эсепке алуу, абоненттер менен эсептешүүнү киргизүү, келишимдерди каттоо жана төлөмдөрдү эсепке алуу үчүн биллинг системасын (программалык камсыздоону) киргизүү, бул жерде эксперттик жамааттан техникалык жардам талап кылынат.

Натыйжада Кочкорбаев ААнын суу пайдалануучулары жалпы добуш менен ТСКАКБнын ишин канааттандырарлык деп табышты. Катышуучулар бардык көйгөйлүү маселелерди чогуу талкуулап алууга мүмкүнчүлүк берген чогулуш үчүн ыраазычылыгын билдиришти.

Андан ары тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары Кочкорбаев ААнын бир катар объекттерин кыдырып чыгышты: суу алгычты, бала бакчаны, мектепти, Ата-Мекендик согуштун катышуучуларына тургузулган эстеликти көрүп, айыл өкмөттүн бөлүмдөрүнүн иштери менен кенен таанышып чыгышты.

Катышуучулар бул объекттердин ар бири үлгү болоорун, баары масштабдуу жана мыкты жасалганын, ал эми жаңы суу алгыч техникалык талаптарды сактоо менен курулганын белгилешти. Бирок жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процессине жергиликтүү калктын тартылуусу жана активдүүлүгү тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучуларына өзгөчө таасир калтырды. Мисалы, эстеликти тургузуу демилгесин карапайым тургундар көтөрүп чыгышкан. Алардын арасында 3 млн сом берген жергиликтүү ишкер болгон, жергиликтүү бюджеттен 50 миң бөлүнсө, жергиликтүү жамааттын эмгек салымы 450 миң сомду түзгөн. Ош жана



Нарын облустарынан келген коноктор менен учурашып жатып, башкы демөөрчү Маршалбек РЫСПАЕВ эстеликти тургузуу окуясы кантип башталганын айтып берип, Экинчи дүйнөлүк согушта курман болгон жердештеринин элесин унутпоо алар үчүн эң маанилүү экенин, эми бул жер алардын эрдиктерин унутпаган ар бир адам үчүн өзгөчө жер болгонун кошумчалады.

## Ичүүчү сууга тарифти эсептөө жөнүндө

ТСКАКБнын жалпы чогулушу аяктаган соң “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” долбоорунун (PSI) консультанты Шербек ДОСУЕВ катышуучулардын назарына таза суу боюнча кызмат көрсөтүү үчүн тарифти PSI долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринин мисалында эсептөө практикасын тартуулады. Ичүүчү сууну берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр маселеси Кыргызстандын дээрлик бардык аймактарында артыкчылыктуу болуп саналат жана тарифти эсептөө боюнча талкуулар кызуу өттү. Төмөндө талкуунун жүрүшүндө жаңырган айрым маселелерди сунуштайбыз.

***Суу өзү аккан учурда жана насос колдонгон учурда тариф кантип эсептелинет?***

– Айырмасы: насос колдонгон учурда электр энергиясы үчүн чыгашалар, амортизациялык чегерүүлөр ж.б. төлөнөт, баары болуп эсептөө методикасы 13 пункттан турат. Ал эми суу өзү аккан учурда айрым пункттар эсепке кирбей калат. Ошондуктан тарифти эсептөөдө мунун баары эске алынат, буга жараша тариф айырмаланат. (Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары эки учурда тең тарифти өздөрү эсептеп чыгуу үчүн эсептөө формасын берүүнү өтүнүштү).

***Суу менен жабдуу системасы кимдин балансында болууга тийиш: ТСКАКБнынбы же айыл өкмөттүнбү?***

– Мүмкүн болсо айыл өкмөттүн. Анткени бардык амортизациялык чыгашаларды айыл өкмөтү жабат, ТСКАКБ да муну жасай алат. Бирок анда тариф автоматтык түрдө бир кыйла көбөйө түшөт. Практика көрсөткөндөй, көпчүлүк учурда тариф жогору болгондо адамдар төлөбөй коюшат. Ошондуктан ТСКАКБ банкротко кептелишет.

***ТСКАКБ менен абоненттер ортосунда келишимди сөзсүз эле түзүш керекпи?***

– Сөзсүз, анткени суу – бул товар, ал үчүн юридикалык жактан туура түзүлгөн расмий документтин негизинде милдеттүү тартипте акы алыш керек.

***ТСКАКБ менен АӨ кантип, кайсы документтин негизинде өз ара аракеттениши керек?***

– АӨ менен ТСКАКБ ортосунда чарбалык башкаруунун негизинде келишим болушу керек. Ал жерде тейлөөнүн бардык нормалары, суу менен жабдуу системасын күтүү, ким ремонт жасаш керек жана башкалар боюнча эки тараптын укуктары жана милдеттери жазылат. Мисалы, калктын социалдык жактан аярлуу катмарлары төлөй албайт, ошондуктан айыл өкмөтү субсидия берип, ТСКАКБнын бул чыгашаларын жаба алат. Ошондо гана ТСКАКБ финансылык жактан алганда туруктуу боло алат.

***Сууга эсептегичти сөзсүз эле орнотуш керекпи?***

– Мүмкүн болсо, анткени бул суу үчүн акча чогултууга көмөкчү болуп, керектелген суунун чыгашасын оптималдаштырат.

## ТСКАКБ уюму тууралуу

***САТАРОВ Эркинбек, Ак-Талаа АӨ башчысы (Ак-Талаа району): Биз (АӨ) суу менен жабдуу системасынын капиталдык ремонтуна 1 млн. 700 миң сом көлөмүндө грант утуп алганбыз. Мындай учурда суу түтүк тарамына жана жабдууга менчик укугу кантип жолжоболоштурулат?***

ЖӨБ жөнүндө Мыйзамга ылайык, ЖӨБ органдары калкты ичүүчү суу менен камсыздоого милдеттүү. Ал эми КР Өкмөтүнүн 2010-жылдагы токтомуна ылайык, ТСКАКБ суу менен жабдуу системасынын бардык мүлкүн айыл өкмөттүн балансына өткөрүп бериши керек болчу. Эгерде АӨ грант алса, анда бул муниципалдык менчик болуп эсептелинет жана АӨ менен ТСКАКБ ортосунда түзүлгөн келишим боюнча, башкаруу үчүн ТСКАКБга берилиши керек, бирок муниципалдык менчикте кала берет. Эгерде грантты ТСКАКБ алса, анда суу менен жабдуу системасы ТСКАКБнын менчиги болуп саналат жана өз алдынча башкарат.

***УВАЛЫ у. ЫРЫСКУЛ, Ак-Муз АА ТСКАКБ төрагасы (Ат-Башы району): ТСКАКБ менен абоненттер ортосундагы келишимге кантип өзгөртүүлөрдү киргизиш керек?***

– Көпчүлүк ТСКАКБда абоненттер менен келишим формалдуу мүнөзгө ээ. Бардык деталдарды келишимге жазыш керек, ал эми ТСКАКБ жана анын мүчөлөрүнүн укуктары менен милдеттери Уставда жазылышы керек.

***НУРМАНБЕТОВ Замирбек, Кызыл-Туу ААнын айыл өкмөт башчысы (Сокулук району): Кыргызстандагы ТСКАКБнын 90% эсептегичи жок. Аларды орнотууга өтө көп убакыт кетет. Ошондуктан калктын жан башына же үй кожолукка эсептеп туруп ичүүчү суу үчүн тарифти орнотууга болобу?***

Тарифти ушундай жол менен орнотууга болот. Мында бир адамга ичүүчү суунун өлчөмүнүн (литри) жалпы белгиленген нормативи негиз катары алынат (Ичүүчү суунун тарифин эсептөө методикасына ылайык, норматив бир адамга 60 литрди түзөт). Жалпысынан чыгашанын бул нормасы актуалдуу болуп турат.

***НУРМАНБЕТОВ Замирбек, Кызыл-Туу ААнын АӨ башчысы (Сокулук району): ТСКАКБ кызматкерлери үчүн эмгек акынын көлөмүн ким белгилейт жана ичүүчү сууга эсептегичти ким орнотуп чыгышы керек?***

ТСКАКБ кызматкерлери эмгек акынын көлөмүн



өздөрү орнотууга укуктуу, ал АК орноткон ичүүчү сууга тарифтин көлөмүнө жараша болот. Бул жерде Ичүүчү суу кызмат көрсөтүүсүн тейлөө жана жеткирүү үчүн тарифти эсептөө методикасын колдономго алыш керек. Эсептегичтер тууралуу айта турган болсок, муниципалитеттер бардар болгон жерлерде калкка эсептегичтер адатта жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен орнотулат. Дотациялык айылдык аймактарда аларды жашоочулардын өздөрү орнотушат.

***КАПАТОВ Азатбек, Ак-Муз ААнын АӨ башчысы (Ат-Башы району): Жаңы тарифти орнотуу процессинин тартиби кандай?***

– Ичүүчү сууга тарифти орнотуу үчүн калк, б.а., ичүүчү сууну керектөөчүлөр менен коомдук угууларды өткөрүп, Ичүүчү суу кызмат көрсөтүүсүн тейлөө жана жеткирүү үчүн тарифти эсептөө методикасына ылайык тарифти баасын экономикалык жактан негиздеп берүү зарыл. Ошондой эле ичүүчү суунун тарифинин көлөмүн антимонополиялык комитетте макулдашып, андан соң аны айылдык кеңештин чечими менен бекитиш керек. Албетте ичүүчү суу үчүн тарифти бекитүү тууралуу айлдык кеңештин токтому расмий жарыяланып, мыйзамдуу күчүнө кириши үчүн Юстиция министрлигиндеги ЧУА мамлекеттик реестрине киргизилиши керек.

## Тажрыйба алмашуу боюнча сапар – бул донорлордун акчасын алуу ыкмасы эмес, бул жаңы билим алуу үчүн мүмкүнчүлүк

ИБРАИМОВ Максатбек, Жазы ААнын АӨ башчысы (Өзгөн району): “Чынын айтсам, бул иш-чарага өз алдыма так тапшырма коюп келгем – донорлордон акчалай жардамды кантип тезирээк алса болоорун билгим келди. Бирок, көрсө, тажрыйба алмашуу сапары – бул биздин ишибиз үчүн зарыл болгон жаңы билимди алуу үчүн кызыктуу аянтча экен”.

АЙТБАШЕВ Ибрагим, Гүлистан ААнын АӨ башчысынын орун басары (Ноокат району): “Эки коомдук иш-чарада бардык берилген маалыматтар ачык жана айкын болду. Презентациялар абдан жакты, аларда калк үчүн зарыл болгон бардык маалыматтар жеткиликтүү түрүндө ачыкталган экен. Бирок баарынан да талкууларга жигердүү катышкан



жергиликтүү калк тарабынан болгон чоң кызыгуу мени абдан таң калтырды. Бизде, Ноокатта, ачык-айкындуулуктун мындай деңгээлине азырынча жете элекпиз. Ошондуктан эгерде Долбоор бизге ушул өңдүү иш-чараларды уюштурууга жардам берсе жакшы болмок”.

ОСМОНОВ Айбек, Кара-Суу ААнын АӨ башчысы (Кочкор району): “Көпчүлүк айылдык аймактарда ЖӨБО чече албаган, көп кезиккен үч көйгөй бар. Алар: жайыт, ичүүчү суу, сугат суу маселелери. Ошондуктан тажрыйба алмашуу сапарынын уюштуруучуларына чоң өтүнүчүм бар: бул үч негизги көйгөйдү эффективдүү чечүү үчүн бириктире ала турган бир уюмду же мекемени, же болбосо муниципалдык ишкананы түзүүгө жардам бергилечи”.

МИНБАЕВ Саттарали, Көк-Жар айыл өкмөтүнүн башчысы (Ноокат району): “Ичүүчү суу боюнча кызмат көрсөтүү үчүн жаңы тарифти туура эсептөө боюнча маалыматты абдан жакшы жеткире алдыңар. Бизде КТК боюнча ушундай эле көйгөй бар. Эгерде силер КТК жыйноо жана чыгаруу үчүн тарифти туура эсептегенге жардам берсеңер абдан жакшы болмок. Бүгүнкү күндө ар бир айыл өкмөтүндө муниципалитеттин бардык чарбалык маселелери менен алектенген муниципалдык ишкананы ачуу маанилүү көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелинет. Ошондуктан бизге муниципалдык ишкананы ачуу үчүн документтерди даярдоодон, атайын техниканы АӨнүн балансына кантип өткөргөндөн баштап, жалпысынан муниципалдык ишкананын иши боюнча юридикалык консультацияларга чейин бул жаатагы эксперттердин жардамы зарыл болуп турат”.

### Тажрыйба алмашуу сапарлары уланууда...

Тажрыйба алмашуу боюнча иш-чаралар жогорку деңгээлде өттү. Эгерде ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн потенциалын жогорулатуу жөнүндө айта турган болсок, анда кайтарым байланышка караганда, практикалык окутуу катышуучулар үйүнө жеткенден кийин өзүнүн андан кийинки иш-аракеттерин пландоо чечимине таасирин тийгизди деп ишенимдүү айта алабыз. ЖӨБ органдары үчүн маалымат алмашуу үчүн ачык аянтча түзүлдү. Мында ар бир катышуучу кесиптештеринин жетишкендиктерин гана көрбөстөн, ошону менен бирге ЖӨБ чөйрөсүндөгү эң актуалдуу маселелер боюнча өзүнүн көз карашын билдире алышат. Иш-чаранын максаты тууралуу айта турган болсок, Долбоордун Ош жана Нарын облустарындагы 15 максаттуу муниципалитети Ак-Башат жана Кочкорбаев айылдык аймактарындагы кесиптештериндей эле ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугуна жана отчеттуулугун күчтөндүрүүгө качан жете алаарын, жергиликтүү маанидеги маселелерди ийгиликтүү чечип, инвестицияларды тарта алаарын жакынкы келечек көрсөтөт.

Тажрыйба алмашуу сапарынын издери менен: 31-июлда Ноокат шаарында (Ош облусу) ЖӨБОнун 16 өкүлү өз каалоосу менен тажрыйба алмашуу максатында Ак-Башат айылдык аймагында болуп, АӨ иши – иш өндүрүшү, маалымат такталары менен толук таанышып келишти, 2018-жылга бюджет долбоору боюнча көрсөтмөлүү маалымат (бюджеттин чыгашалар менен кирешелерин чагылдырган диаграммалар тартылган баннерлер), АӨ имаратында жабдууланган жыйындар залы абдан жакты, акбашаттыктар донорлор менен биргелешип ишке ашырылган бардык долбоорлор тууралуу кенен айтып беришти, ТСКАКБнын ишин, мектеп-гимназияны, жер түзүүчүнүн ишин көрсөтүштү. Бул демилгени Долбоордун жергиликтүү консультанты ТОЛИПОВ Абдулбоки көтөргөн.

Окутуу максатында ушул өңдүү тажрыйба алмашуу сапарларын уюштуруу жана даярдоо абдан көп ресурстарды, убакытты жана чоң жоопкерчиликти талап кылат. Учурдан пайдаланып, Долбоордун жана Өнүктүрүү саясат институтунун атынан ЖӨБ органдарына: Ак-Башат АӨ башчысы ҮМӨТАЛИЕВ Канатка, АӨ башчысынын орун басары ЖУМАБАЕВА Атыркүлгө жана Жумушчу топтун мүчөлөрүнө; Кочкорбаев АӨ башчысы КЕРИМКУЛОВ Эркинбекке, жооптуу катчы СҮЙҮНТБЕКОВА Лирага терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Булар өз аймактарында иш-чараларды уюштуруу идеясын ынтызарлык менен колдоп беришти. Ошондой эле эки муниципалитеттин АӨ жамааттарына, АК депутаттарына, “Суу – бул жашоо” ТСКАКБ жетекчилигине, лидерлерге жана жергиликтүү жамааттардын карапайым жашоочуларына тажрыйба алмашуу сапарынын аянтчасын уюштурууга жана даярдоого жигердүү катышканы үчүн өзгөчө ыраазычылык билдиребиз.

Эгерде ЖӨБ органынын жетекчиси өз тажрыйбасын башка кесиптештери менен бөлүшкүсү келсе, демек ал өз ишинде чындап ийгиликке жете алды дегенди билдирет.







# “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун алкагында жашоочулар үчүн жакшыртылган кызмат көрсөтүүлөр

22-23-ноябрда Жалал-Абад облусунун Сакалды, Ленин жана Масы айылдык аймактарында (АА), үстүбүздөгү жылдын 29-ноябрында Ысык-Көл облусунун Бостери жана Кумбел айылдык аймактарында бир катар жаңыланып, жакшыртылган кызмат көрсөтүүлөр расмий иштей баштады. Суу менен жабдуу системасы, эс алуу паркы, бала бакчанын жаңы корпусу, өзгөчө билим алууга керектөөлөрү бар балдар үчүн коррекциялык класстар өңдүү объекттердин ачылышы болду. Жакшыртылган кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы наркы 22 239 372 сомду түздү, анын ичинен 3 994 372 сому – муниципалитеттердин өз салымы.

Буга чейин жогоруда аталган айылдык аймактар “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун алкагында өткөрүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча мыкты иш-аракеттер планына (КЖАП) жарыяланган конкурста жеңишке жетишкен. Бул Долбоорду Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги аркылуу (SDC) Швейцария Өкмөтү каржылап, HELVETAS Swiss Intercooperation менен Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырат. КЖАП – муниципалитеттин аймагында туруктуу жана жеткиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү натыйжалуу уюштурууга жол берген методология.

Сузак районунун Ленин ААда эс алуу паркын ачуу жолу менен бош убакытты уюштуруу боюнча жаңы кызмат көрсөтүү тартууланды. Паркта ыңгайлуу отургучтар, жарык берген датчиктери бар диоддуу чырактар, ошондой эле заманбап селкинчектери, дөбө жана турниктери менен балдар аянтчасы орнотулду. Эми айылдын ар бир жашоочусу, негизгиси жаштар жана балдар бош убактысын коопсуз, жарыктандырылган жана таза, акысыз Wi-Fi-зонасы бар сейил бакта өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Сакалды айылдык аймагынын Чоң-Багыш айылында 3900дөн ашуун жашоочу же 450 үй кожолугу үчүн суу менен жабдуу системасынын расмий ачылышы болду. Суу менен жабдуунун жаңы системасынын арты менен айылдын бардык тургундарында таза сууга үзгүлтүксүз жеткиликтүүлүк пайда болду. Ичүүчү сууга экономикалык жактан негизделген жана акыйкат тарифти кабыл алуу бул КЖАПтын негизги элементи болуп калды. Бул



болсо ушул кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугун камсыздады.

“Мурда айылдын жашоочулары жер алдындагы сууну колдонушчу. Алар сууну колго жасалган качалка менен алып чыгып, арык суусун колдонуп же суу ташыгычтардан суу сатып алышчу. Бирок бул бардар үй-бүлөлөрдүн гана капчыгына чак келчү. Эми бизде жөн гана суу менен жабдуу системасы эмес, суткасына 24 саат таза суу жеткирген туруктуу кызмат көрсөтүү бар”, - деп белгиледи Сакалды ААнын АӨ башчысы Махаматали СУЛТАНОВ.

Масы айылындагы №4 “Алтын-Бешик” бала бакчасында КЖАПты ишке ашыруунун алкагында “Б” жана “В” блокторунун буга чейин кароосуз калган имараттарына капиталдык ремонт жасалды. Эми бала бакчада балдар үчүн кошумча 170 орун пайда болду. Мындан тышкары эски жыгач терезе жана эшиктер пластиктен жасалгандарына алмаштырылды, жылытуучу система толугу менен оңдолду, сантехникалык түйүндөр жаңыланды, суу жылыткычтар орнотулду, ошондой эле инвентарлар жана эмеректер сатып алынды. Баары болуп айылда мектепке чейинки курактагы 1365 бала жашайт. Мурда айылда бала бакчаларда 690 орун гана болчу.

“Бала бакчаларда оруңдардын жетишсиздиги көйгөйү 25 жылдан бери чечилбей келаткан. Бирок “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун арты менен бала бакчага барган балдардын саны 12,5% өстү. Мындан тышкары КЖАПтын алкагында бала бакчага электрондук кезек боюнча кабыл алуу жөнүндө жобо кабыл алынды. Бул болсо жашоочулардын балдарды бала бакчага кабыл алуу акыйкатсыз жүрүп жатат деген наааразылыгын жок кылат”, - деп айтты “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун кызматкери Кеңешбек ЭРГЕШОВ.

2017-жылдын 29-ноябрында Кумбел айылдык аймагынын Корумду айылында калк үчүн таза суу менен жабдуу системасынын ачылышы болду. Муниципалитетте суу менен жабдуу системасы 5,924 метрге кеңейген натыйжага алып келген бул долбоордун жалпы баасы 5 852 524 сомду түзүп, анын ичинен 852 524 сому муниципалитеттин өз салымы катары кошулду.

Кумбел айыл өкмөтүнүн калкты таза суу менен камсыздоо боюнча КЖАП өзгөчөлүгү – план инфраструктуралык бөлүктү (объекттердин ремонту жана калыбына келтирүү) гана эмес, эң негизгиси – кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү ишканага натыйжалуу башкарууну киргизди. Мындан тышкары айыл өкмөтү “Кумбел булагы” ТСКАКБнын кызматкерлери менен биргеликте Долбоор иштеп чыккан методикага ылайык, тарифтерди эсептеп чыкты. Тарифтин жаңыланган эсеби коомдук угууда тартууланып, жаңы тарифти айылдык аймактын калкты жактырган.

“Долбоордун методикасы боюнча эсептеп чыгып, биз тарифтин эң эле оптималдуу баасын чыгара алдык. Эсептерден кийин тариф көбөйгөнүнө карабастан калк буга түшүнүү менен мамиле жасады. Себеби буга чейинки тариф эч негизсиз жана эсептерсиз кабыл алынганын баары эле билишчү. Мурда түшкөн каражаттар атүгүл кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчүнүн чыгашаларын да жапкан эмес. Суу менен жабдуу системасын жумушчу абалында күтүү тууралуу сөз да болгон эмес”,- деп белгиледи Кумбел айыл өкмөтүнүн башчысы ДУБАЕВ Н.









2017-жылдын 29-ноябрында Бостери айылында мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн биринчи жолу коррекциялык класстар ачылды.

“Коррекциялык класстар кенже класстардагы ден соолугунан улам мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн билим берүү кызматын көрсөтөт. Алар окууну атайын программа менен өтүшөт жана анда интерактивдүү усулдар колдонулат. Коррекциялык класстарда окуган балдар сапаттуу билим алышат жана аларда курдаштарынын коомдук жашоосуна аралашууга мүмкүнчүлүгү болот. Ошондой эле бул алардын ата-энелери үчүн да чоң жардам”, - деп айтты Бостери айыл өкмөтүнүн башчысы Алмаз ЖАМАНГУЛОВ.

Кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугун камсыздоо максатында коррекциялык класстар Мамытов атындагы мектеп-гимназиянын базасында ачылды. Бул жерде капиталдык ремонт жасалып, пандустар орнотулуп, жуунуш үчүн жана душ кабинасын ысык суу менен камсыздоо боюнча инновациялык чечимдер (күн коллекторлору) кабыл алынды. Ошондой эле кармагычы бар атайын санитардык түйүндөр орнотулуп, эки класс атайын парталар, отургучтар, лекотека, интерактивдүү такта жана мультимедиялык проектор менен жабдылды, акыл-эсти өнүктүрүүчү оюнчуктары жана спорт залы бар атайын оюн бөлмөсү уюштурулду. Мындан тышкары КЖАПты ишке ашыруунун алкагында окутуучулар үчүн квалификацияны жогорулатуу боюнча тренингдер өткөрүлдү. Балдарды тандап алуу жана ДМЧ балдарга билим берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча стандарттарды






жана нормаларды бекитүү, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына мониторинг жүргүзүп, өз сунуштарын берип турган атайын мониторинг жана баалоо тобун түзүү бул пландын өзгөчөлүгү болуп саналат.

Белгилей кетүүчү жагдай, Долбоордун идеясы – жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдүн туруктуулугун камсыздоо. Башкача айтканда негизги максат – бул келечекте да калк үчүн иштей турган туруктуу системаны түзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөргө жардам берүү. Мында имараттын жана инфраструктуранын өзү эмес, мүмкүнчүлүгү чектелүү балдарга сапаттуу билим берүү боюнча кызмат көрсөтүү маанилүү болуп турат.

Жалпысынан республика боюнча Долбоор кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча 38 иш аракет планынын ишке ашырылышына колдоо көрсөттү. Бул КЖАПтардын жалпы суммасы дээрлик 97 миллион сомду түзсө, муниципалитеттердин өз салымы дээрлик 31 миллион сомду – 30% түздү. Жакшыртылган кызмат көрсөтүүлөрдүн катарында таза сууга туруктуу жеткиликтүүлүктү камсыздоо боюнча тогуз демилгени, мектепке чейинки жана мектепте билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча 12 кызмат көрсөтүүнү, муниципалитеттерди көрктөндүрүү боюнча алты планды ж.б. белгилесе болот. M

USAID
ОТ АМЕРИКАНСКОГО НАРОДА

**USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору тарабынан даярдалды[1]**

[1] Бул макала Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү агентствосу (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Макаланын мазмуну үчүн DAI Global LLC жоопту жана ал USAID же Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.

# Ийгиликтүү муниципалитеттер алдыңкы тажрыйбасы менен бөлүшүүдө





***Кыргыз Республикасында муниципалитеттер аралык өз ара аракет жолго коюлуп келатат. Ушул тапта аймактарды башкаруу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктарды ишке ашыруу чөйрөсүндө ийгиликтүү тажрыйба менен алмашуу муниципалитеттер аралык кызматташтыктын эффективдүү моделдеринин бири болуп саналат. Учурда тажрыйба жана практика менен алмашуу туруксуз болууда жана эрежеге ылайык, ЖӨБОнун өзүнүн эмес, айрым донордук уюмдардын демилгесинин натыйжасы болуп калууда. Ал арада практика көрсөткөндөй, муниципалдык чөйрөдө бардык деңгээлдердеги бийлик өкүлдөрүнүн назарын бурууга татыктуу болгон жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн олуттуу оң тажрыйбасы топтолуп калды. Муниципалитеттер ортосунда тажрыйба жана алдыңкы практикалар менен алмашуу ЖӨБОнун даражасын өнүктүрүү үчүн зарыл болуп турат. Мындай мамиле төмөнкүлөргө жол ачууда:***

- ***стандарттуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн жаңы жолду таба алган ЖӨБОнун тажрыйбасы менен таанышуу. Мисалы: кызмат көрсөтүү үчүн муниципалдык-жеке өнөктөштүктү уюштуруу;***
- ***ийгиликтүү практикалардын мисалдарын жана аларды киргизүү жолдорун изилдеп чыгуу;***
- ***билимди кеңейтүү: жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатындагы эксперттерге суроо узатуу, өз тажрыйбасы менен бөлүшүү, мамлекеттик агенттиктердин өкүлдөрү менен актуалдуу маселелерди талкуулоо;***
- ***жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө регионалдык, улуттук жана эл аралык уюмдар ортосунда диалогду түзүү.***

***Узак мөөнөттүү планда мындай ыкма жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга оң таасирин тийгизет. Дал ошондуктан USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө ийгиликтүү тажрыйба алмашуу үчүн КР Өкмөт аппаратынын, ЖӨБЭММАнын, ЖӨБ органдарынын, жарандык коом уюмдарынын жана эл аралык уюмдардын катышуусу менен форумдарды, дискуссияларды, “тегерек стол” талкууларын уюштурууда.***

***2017-жылы Долбоор эки регионалдык форум өткөрдү. Анда жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу жана алардын туруктуулугун камсыздоо боюнча инновациялык аспаптар жана стратегиялар тартууланды. Долбоордун пилоттук муниципалитеттеринин өкүлдөрү катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу, маданият үйлөрүнүн ишин жакшыртуу, айыл чарба кызмат көрсөтүүлөрү чөйрөсүндө мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү киргизүү өңдүү артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу боюнча өз тажрыйбалары менен бөлүшүштү.***

***Биз сиздер менен Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы пилоттук муниципалитеттердин ийгиликтүү практикаларынын мисалдары менен бөлүшүүнү чечтик.***

## Липенка айыл өкмөтү жаш таланттарды колдойт

Липенка айылдык аймагында дээрлик 5 миң адам жашайт; бул айылдык аймактын курамына төрт айыл кирет. Алар: Липенка, Ичке-Булуң, Богатыровка жана Зеленый Гай. Жашоочулардын 40% ашыгын 14төн 28 жашка чейинки куракtагы жаштар түзөт. Аталган төрт айылда өзүнүн маданий борбору же ийрими болбогону менен, ага болгон керектөө өзгөчө окуучулар жана алардын ата-энелери арасында өтө жогору эле. Липенка айылдык аймагынын жетекчилиги жана жашоочулары балдарга чыгармачыл сабактар үчүн ийрим чукул арада зарыл болгонун түшүнүп эле турушту.

USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун колдоосу менен Липенка айыл өкмөтү жергиликтүү жашоочулар үчүн өзгөчө керектүү болуп турган кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоо жана уюштуруу үчүн план түзүштү. Жумушчу комиссия түзүлүп, анын курамына айылдык өкмөтүнүн жана кеңештин өкүлдөрү, жергиликтүү активисттер жана ишкерлер кирищти. Биргелешкен аракеттердин натыйжасында Липенка айыл өкмөтү менен жумушчу комиссия жергиликтүү балдар үчүн жаңы ийрим ачууга жол берген чечим табышты; ошону менен бирге алар бул кызмат көрсөтүүнү ыкчам жана экономикалык жактан эффективдүү уюштура алышты.



Жумушчу комиссия ачык конкурс аркылуу жеке окутуучуларды ишке тартуу үчүн муниципалдык-жеке өнөктөштүк түзүүнү чечти. Жарандар жана жергиликтүү кеңеш жаңы кызмат көрсөтүүнү бардык каалоочулар үчүн жеткиликтүү кылуу максатында баасын айына 250 сом деп бекитип берди. Буга чейин көпчүлүк ата-энелер балдарын Каракол шаарына алып барууга мажбур болуп келишкен. Кызмат көрсөтүүнүн баасы КР Билим берүү министрлигинин балдардын класстан тышкаркы кошумча билим алуусун уюштуруу жөнүндө буйругуна ылайык эсептелинди жана райондук билим берүү бөлүмү менен макулдашылды.

Айыл өкмөтү жаңы ийримде балдарга сабак бере турган мугалим Астра ШАРШЕЕВА менен келишим түздү. Ошону менен бирге Липенка айыл өкмөтү имарат бөлүп берүүгө, ошондой эле аны күтүү боюнча чыгашаларды жана бардык коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө макул болду. Жаңы кызмат көрсөтүү Липенка айылында 2017-жылдын сентябрь айынан тартып иштей баштады.

“Ата-энелер балдарын биздин ийримдерге берип жатканына абдан кубанычтамын. Азыр комуз ийрими абдан популярдуу болуп жатат. Мен бул иш үчүн ыраазымын. Балдар менен иштеп, жаштарыбыздын талантын өнүктүрүүгө жардам берүү мага чоң кубаныч тартуулап жатат”, - деп айтты ийримдин мугалими Астра ШАРШЕЕВА.

Ушул тапта долбоорго 39 үй-бүлө катышууда, 26 окуучу комуз боюнча эки жаңы ийримге (Липенкада жана Ичке-Булуңда) катышууда, 13 бала бий ийримине барышат, дагы алты бала гитара ойногонду үйрөнүү үчүн ийримге жазылышты.

“Менин кыздарыма комуздун жаңы ийрими абдан жагат. Акыры кызым жакшы көргөн сабактарына бара ала турган болду. Биз да жолу узак, капчыкты каккан Караколго барбай калдык. Эми өзүбүздө да биздин айылдын балдарынын чыгармачыл өнүгүүсү үчүн клуб пайда болгонуна абдан кубанып турган чагыбыз”, - деп айтты 13 жаштагы комузчу Айдананын апасы Махабат ЭСЕНБЕКОВА.



Жаңы клубдун ачылышы – бул жергиликтүү жаштарга жана жамааттарга өз талантын ачууга жардам берген узак мөөнөттүү көп демилгелердин бири.

## Бюджет боюнча коомдук угуулар – жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуу механизми

Практика көрсөткөндөй, бюджет боюнча коомдук угуулар жарандарды жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууга тартуунун эң эле натыйжалуу формаларынын бири болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө буга биздин өлкөдөгү дээрлик бардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кызыкдар болуп жатышат.

Алгачкы коомдук угуулар 1999-жылы эле өткөн. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы үчүн коомдук угуулардын мааниси абдан терең. Бул өзгөчө социалдык-экономикалык чөйрөдөгү башкаруу маселелерин чечүү үчүн калкты тартуу практикасын кеңейтүүдө, жарандык демилгелердин ишин активдештирүүдө, кайтарым байланышты алуу үчүн адистер жана эксперттер катары коомдук негизде элеттик активисттерди, жаштарды тартууда маанилүү. Ушул тапта бийликтин аткаруу органдарынын ишинде коомдук пикирди эсепке алуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин баалоонун маанилүү критерийлеринин бири катары каралууда. Бул болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын калк менен өз ара мамилелерине жана өз ара аракетине жаңы ыкмаларды табуу зарылчылыгын көрсөтүүдө.

2017-жылдын август айында USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун колдоосу менен бардык пилоттук муниципалитеттерде 2018-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоору жана жарандык бюджетти даярдоо боюнча коомдук угуулар өткөрүлдү.

Бул коомдук угууларда биринчи жолу Долбоор жаңы форматты колдонду – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен калк ортосунда өнөктөш дискуссиялардын форматы. Ал айылдык аймактын чөлкөмүндө жашоо эрежелерин аткаруу, муниципалитетти өнүктүрүү, бюджетти кабыл алуу жана башка жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн биргелешкен жоопкерчилик аркылуу ишке ашат.

Бюджет боюнча бул коомдук угууларда USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун колдоосу менен Жарандык бюджет басып чыгарылды жана угуунун ар бир катышуучусуна тапшырылды. Мындан тышкары Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу стратегиясынын долбоору жергиликтүү жамааттын коомдук талкуусуна коюлду. Анда жашоочулар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргелikте кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча пландарды талкуулай алышты.

Жашоочулар 2018-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоору жана Жарандык бюджет боюнча достук маанайда маалыматтарды алышты.

USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун эксперти Асылбек ЧЕКИРОВ жаңыча мамиленин маанисин мындайча баса белгиледи: “Иш жүзүндө жаран бюджетте ЖӨБ органдарынын ишинин белгилүү бир чөйрөлөрүнө карата жөн гана кургак сандарды эмес, билим берүүдө, саламаттык сактоодо, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдө өзүнүн конкреттүү муктаждыктарын көрө алса, ошондо гана бюджеттик угууларга чыныгы кызыгуу пайда болот”.

Жаңы мамилеге ылайык, Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Бешик-Жон айыл өкмөтүндө калк ичүүчү суу менен жабдууга тарифтердин көлөмүн жигердүү талкуулаган. Мында биргелешкен дискуссиялардын арты менен, теңден теңге принцибин колдонуу менен биринчи жолу ошол тарифтерди макулдашып, жактырышты.




“....2018-жылга Жарандык бюджеттин долбоорунун белгилүү бир бөлүгүн даярдоого жеке өзүм катышып калдым. USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун арты менен айкындуулукту камсыздоо үчүн Жарандык бюджетти түзүү боюнча тренингге катышкам. Бухгалтер же экономист болбогон адамдар бюджеттин маңызын түшүнүп, өз пикирин айта алышын каалаган элем”, - деп айтты Бешик-Жон айылдык аймагынын аялдар комитетинин лидери Миновар АБДЫКАЮМОВА.

Ленин айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкери Мамасадык МАМЫРАСУЛОВ Кызмат көрсөтүүнү уюштуруу стратегиясы жөнүндө даярдалган презентацияны “калкка кызмат көрсөтүүнү жакшыртууда алдыга карай ташталган кадам катары” кабыл алуу менен, пикирин мындайча айтты: “Стратегиянын баяндамачысы катары мен үчүн бюджет боюнча коомдук угуулар толкундандырган жана өтө маанилүү окуя болуп калды. Биринчиден, биз көптөн бери даярдап келген продукт менен тааныштырдык жана аны адамдар кантип кабыл алаар экен деп абдан санаа тарттым”.

“Финансист катары жеке мен үчүн 2018-жылга бюджет долбоору жөнүндө баяндаманы даярдоо өткөн жылдарга салыштырмалуу жеңил болду. USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору уюштурган тренингдерде мен Жарандык бюджетти даярдоодо эмнеге көңүл буруш керектиги тууралуу маалыматтарды алгам”, - деп айтты Ысык-Көл облусунун Теплоключенка айыл өкмөтүнүн ФЭБ жетекчиси Дүйшөкан АБДЫКЕРИМОВА.

Бюджет боюнча өткөн коомдук угууларды талдап отуруп, Теплоключенка айылдык кеңешинин депутаты Сыртбай АБДЫКЕРИМОВ уюштуруучулардын угууларды даярдоо процессине өтө олуттуу, жоопту мамле жасаганы коомдук угуулардын мазмундук бөлүгүн буга чейинки угуулардан кескин айырмалаганын баса белгиледи. “2018-жылга бюджеттин долбоору жөнүндө маалымат ар бир адам үчүн жеткиликтүү жана түшүнүктүү болду. Бардык маалыматты биз алдын ала алдык. Буга чейин угуулардын катышуучулары арасында курч тирештер боло кетчү. Өзгөчө “Жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү тартиби” беренеси боюнча. Бул жылы талаштар болгон жок. Мында USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун салымы чоң”.

Белгилүү бир даражада коомдук угууларды өткөрүүдө мындай мамиле жарандардын айылдык аймактын чегинде маалымдуулугунун деңгээлин жогорулатууга, ЖӨБ органынын ачыктыгына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен калк ортосундагы кайтарым байланыш механизмин түзүүгө көмөктөшөт.

## “Буга чейин кантип жашап келдик эле?” Таштандыны зыянсыздандыруу усулдары

*Цивилизация канчалык жогору болсо, таштандыны ошончолук көбүрөөк өндүрөт.*

Тиричилик таштандысын чыгаруу оош-кыйышы татаал маселе бойдон кала берүүдө. Таштанды чыгарууга байланышкан маселелерди чечүү боюнча стратегияларды пландоодо мотивация, муниципалитеттин калк менен диалогу, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө – катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча маселеде чарбачыл мамиле олуттуу мааниге ээ.

Ырыс айылдык аймагында башынан “Ырыс айылдык округунун ТКЧсы” муниципалдык ишканасы иштеп келген. 2014-жылы Казыначылык алышбериш эсептерин жапкандыктан бул ишкана КТК жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүсүн



токтоткон. Бирок 2015-жылы ишкана өз ишин кайрадан жандандырды.

Мекемелер үчүн Жобонун негизинде муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу боюнча уюмдаштыруучу документтер туура эмес катталгандыктан ишканада көйгөйлөр болгон. Мындан улам “Ырыс айылдык округунун ТЧКсы” муниципалдык ишкана болуп, өндүрүштүк-чарба ишин жүзөгө ашырып келгени менен, мекеме катары жергиликтүү бюджеттен каржыланган.

USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун колдоосу алдында муниципалдык ишкананын уюмдаштыруучу документтери, ишкананын уставы даярдалып, кайрадан каттоодон өткөн, коммерциялык банкта алыш-бериш эсептери ачылган. Андан соң USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун тренингдеринде ишкана КТК чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн баасын эсептеп чыгып, айыл өкмөтүнүн кароосуна жана айылдык кеңештин сессиясында бекитүүгө жиберилген.

USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору менен кызматташканга чейин таштанды үчүн тариф кызмат көрсөтүүнүн баасы эсептелбестен бекитилген жана кызмат көрсөтүү негизинен жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен каржыланган. Эсептин даярдалган долбоору экономикалык көз караштан алып караганда жүйөлүү болуп, кызмат көрсөтүүгө байланыштуу бардык чыгашаларды өзүнө камтыган жана керектөөчүлөргө толук маалыматты берет: тургундар КТК жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүү үчүн төлөп жаткан каражат эмнеге сарпталууда?

Бул артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүнү ишке ашыруунун алкагында төмөнкү этаптар күтүлүүдө:

- USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоорунун техникалык жардамы менен иштелип чыккан кызмат көрсөтүүнүн баасын эсептөө методикасын бекитүү;
- тарифтин долбоорун коомдук угууларда макулдашуу;
- КТК чыгарууга тарифти жергиликтүү кеңештин депутаттарынын чечими менен бекитүү;
- маалыматтык өнөктүктү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- КТК жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнү ишке ашыруу боюнча жеке жактарды тартуу үчүн шарттарды түзүү.



# Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору ЖӨБдүн айкындуулугунун жана отчеттуулугунун аспабы катары

Мониторинг жана баалоо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жамаат алдындагы айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоонун маанилүү аспабы бойдон кала берүүдө. Чүй облусунун 12 пилоттук айылдык аймагында 2015-жылдын июнь айында 12 биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу (БМжБТ) түзүлгөн. Бул мезгил аралыгында мониторинг жана баалоо боюнча потенциалды жогорулатуу боюнча 25 иш-чара өткөрүлүп, 546 адам окутулган. 2017-жылдын сентябрь айында БМжБТнын 69 мүчөсүнүн катышуусу менен 12 БМжБ тобунун пландуу жумушчу жолугушуусу өткөрүлүп, БМжБТ ишине баа берилген.

БМжБТ менен биргеликте жасалган иштерди жана бул топтордун туруктуулугун талкуулоо жумушчу жолугушуунун жана баа берүүнүн негизги максаты болду. БМжБТ иш планы жана анын аткарылышы, документтердин болгону жана аларды жүргүзүү, иштин уюштурулушуна анализ, БМжБТнын сандык жана сапаттык курамы, сурамжылоонун жыйынтыктарын иштетүү, кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо боюнча консультациялар жана башка бир катар уюштуруучулук маселелер мониторингдин объекттерине айланышты.

БМжБТнын туруктуулугу маселеси негизги көйгөйлөрдүн бири болуп кала берүүдө. БМжБТны түзүү практикасы жана ишмердүүлүгү көрсөткөндөй, БМжБ топторун долбоорлор түзөт жана долбоор аяктагандан кийин топтор ыдырап, иштебей калууда. Буга байланыштуу долбоор айылдык кеңешке караштуу БМжБТ түзүү жолу менен мындай топтордун туруктуулугун камсыздоого аракет жасаган. БМжБТ айылдык аймактын деңгээлинде мониторинг жана баалоо жүргүзүү аспабы катары өзүн актады. 2016-жылы жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча (1800 киши) айылдык аймактарда “Сиздин баамыңызда, жарандарда ЖӨБОнун ишин баалоо (мониторинг жүргүзүү) мүмкүнчүлүгү барбы?” деген





суроого айылдын сурамжылоого катышкан жашоочуларынын 63,2% оң жооп берген. БМжБТ аркылуу мониторинг жана баалоо жүргүзүү практикасы бара-бара ЖОБОнун жана жамааттардын практикасына кире баштады. Бул практиканы ЖӨБО башкаруунун натыйжалуу аспабы катары гана эмес, ошону менен бирге жамаат мүчөлөрүн ишке тартуу аспабы катары да колдонуш керек.

Жетишилген жыйынтыктарды талкуулардын алдында жана туруктуулукту өлчөгөнгө чейин БМжБ тобунун мүчөлөрү субъективдүү маалыматтарды объективдүүлөрү менен салыштырып көрүү максатында анкетадагы алты суроого жооп беришти.

БМжБ тобунун сурамжылоого катышкан 69 мүчөсүнүн пикирлери субъективдүү маалыматтар болду. Аларга мындай суроолор узатылды: Сиз БМжБТ иш планы менен таанышсызбы? МжБ боюнча иш-чараларга канча жолу катыштыңыз? МжБ боюнча окуудан өттүңүз беле? Айыл өкмөт башчы тарабынан БМжБ тобуна көрсөтүлгөн колдоону кандай баалайт элеңиз? Подрядчылар, айыл өкмөт башчылары, жергиликтүү кеңештин депутаттары БМжБ тобунун сунуштамаларын, сунуштарын аткарышабы? Кайсы жылдан бери БМжБ тобуна мүчөсүз? Анкетанын суроолору долбоор ишке ашырыла баштаган 2015-жылдын июнь айынан 2017-жылдын сентябрь айына чейинки мезгилди камтыды.

Объективдүү маалыматтар катары өткөрүлгөн мониторингдик иш-чаралар боюнча тастыктаган документтер колдонулду. Өткөрүлгөн иш-чаралар тууралуу тастыктоочу маалымат булактары болуп БМжБТнын отчеттору эсептелинет. Булар – БМжБТнын актылары, протоколдору, сүрөттөрү, презентациялык материалдары. Мындай документтерди чогултуп, сактоо үчүн БМжБТ мониторинг жана баалоо боюнча папканы колдонот. Чогултулган субъективдүү жана объективдүү маалыматтардын негизинде БМжБТнын туруктуулугуна жана БМжБТнын ишин баалоого таасирин тийгизген факторлор тууралуу тыянактар жасалды.

Өткөрүлгөн жумушчу жолугушуулардын, БМжБТ мүчөлөрү арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жана БМжБТ документтери менен таанышып чыгуунун жыйынтыктары боюнча БМжБ тобунун туруктуулугун камсыздаган бир нече фактор бар. БМжБ тобунда лидердин болгону топтун туруктуулугун камсыздоонун маанилүү факторлорунун бири болуп эсептелинет. Алынган маалыматтарга жасалган анализ көрсөткөндөй, күчтүү лидери бар БМжБ тобунда иш туруктуу негизде жана жогорку деңгээлде өткөрүлөт. Муну өткөрүлгөн мониторингдик сапарлардын саны, мониторинг жана баалоо боюнча түзүлгөн актылар жана БМжБТнын туруктуу курамы тастыктап турат.

БМжБТ лидерлери – бул бейөкмөт уюмдарынын мүчөлөрү, айыл тургундары болгонун анализ көрсөттү. Алар айыл өкмөтүнүн кызматкерлери эмес болуп чыкты. Өткөн шайлоодо БМжБТнын айрым лидерлери болуп жергиликтүү кеңештердин депутаттары келди. Айылдык кеңештин депутаттары болгондон кийин алар БМжБТ ишине чоң маани бере баштошты. Бул БМжБ тобунун туруктуулугун камсыздаган факторлордун бири. Айылдык кеңештин депутаттары бара-бара БМжБ тобун айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыздоонун аспабы катары колдоно баштошты. Башкаруунун аспабы катары мониторинг жана баалоо барган сайын ЖӨБОнун күнүмдүк практикасына кире баштады.



Башка бир маанилүү фактор – ЖӨБО жетекчилерин, айыл өкмөт башчысын жана жергиликтүү кеңештин депутаттарын алмаштыруу. ЖӨБО жетекчилерин алмаштыруу көп учурда БМжБ тобунун туруксуздугу үчүн шарттарды түзүүдө. Айрым айылдык аймактарда айыл өкмөт башчылары БМжБТнын жигердүү лидерлерин түрдүү комиссияларга кошпогонго аракеттенишет. Мисалы, тендерди өткөрүү боюнча конкурстук комиссияга. Бул айылдык аймактарда БМжБ топторунун мониторинг жана баалоо жүргүзүү процессине тартылуу деңгээли төмөн бойдон кала берүүдө. Тилекке каршы, жамаат мүчөлөрү алдындагы айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоо аспабы катары БМжБ тобунун маанисин түшүнбөгөн айыл өкмөт башчылары да бар.

Буга карабастан БМжБТ лидерлери мониторинг жана баалоо жүргүзүү процессине жигердүү түрдө катышып, жамаат мүчөлөрүнө пайда алып келишүүдө. Долбоордун алкагында долбоордун жана БМжБТнын логотиби түшүрүлгөн баш кийимдер жана сырт кийимдер даярдалды. Аларды БМжБТ мүчөлөрү мониторингдик иш-чараларды өткөргөн маалда кийишет. Айыл өкмөт башчы БМжБ тобун жигердүү түрдө колдогон көптөгөн жакшы мисалдар да бар. Алар транспорт, бөлмө беришет, кеңсе техникасы менен камсыздашат, айыл өкмөт кызматкерлери, подрядчылар менен жолугушууларды уюштурушат, өздөрү да БМжБТ ишине түздөн-түз катышып келишет.

Долбоор БМжБТ ишине, анын ичинде ЖӨБОнун колдоосуна мониторинг жүргүзүү максатында топтун мүчөлөрү арасында сурамжылоолорду маал-маалы менен жүргүзүп турат. 2017-жылдын сентябрында

МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО


жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, "акыркы үч жыл ичинде айыл өкмөт башчы тарабынан колдоону кандай баалайт элеңиз?" деген суроого 73,9% жакшыды, 17,4% өзгөргөн жок, 2,9% начарлады, 5,8% билбейм деп жооп беришкен. 2016-жылдын июль айында БМжБТ мүчөлөрү сурамжылоого катышып, айыл өкмөт башчысы тарабынан БМжБТга көрсөтүлгөн колдоону беш баллдык шкала менен бааланышкан. Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, БМжБТ мүчөлөрү айыл өкмөт башчы тарабынан колдоону 3,9 баллга баалашкан. Жалпысынан айыл өкмөт башчы тараптан БМжБ тобуна көрсөтүлгөн колдоо оң бааланган.

Жумушчу жолугушуунун жыйынтыктарына жасалган анализ көрсөткөндөй, БМжБ тобунун туруктуулугу жергиликтүү кеңештин депутаттарынын колдоосуна жана катышуусуна көз каранды. БМжБ тобунун курамына жергиликтүү кеңештин депутаттары сөзсүз түрдө кириши керек. Бул мониторинг жана баалоо жүргүзгөн учурда БМжБ тобунун таасирин арттырат. Ал эми зарыл болгон учурда депутаттар аркылуу мониторинг объекттери боюнча расмий суроо-талаптар жүзөгө ашат. Айрым айылдык аймактарда БМжБ топторунун активдүүлүгү ушунчалык жогору болгондуктан, айрым депутаттар өз демилгеси менен БМжБТнын курамына киришет. Бул болсо жергиликтүү кеңештин депутаттарынын колдоосунун эсебинен БМжБТнын туруктуулук фактору болуп эсептелинет. Өкүлчүлүктүү органдын депутаттарына салыштырмалуу, айыл өкмөт башчысы БМжБ тобун колдогон учурлар көбүрөөк болууда.

"Сиздин баамыңызда, подрядчыларга, АӨ башчысына, жергиликтүү кеңештин депутаттарына берилген сунуштамаларды, сунуштарды алар аткарышабы?" деген суроого сурамжылоого катышкан БМжБТ мүчөлөрүнүн 56,5% дайыма, 31,9% кээде, 11,6% билбейм деп жооп кайтарышкан. БМжБ топтору жамаат мүчөлөрү алдында ачык-айкындуулукту, ошондой эле БМжБ тобунун туруктуулугун камсыздоо максатында ЖӨБО тараптан түрдүү формадагы колдоого муктаж. Мисалы, БМжБТ мүчөлөрүн финансылык чыгымды талап кылбаган мактоо грамоталары менен сыйлоо.

Айрым айылдык аймактарда жергиликтүү кеңештин депутаттарынын активдүүлүгү такыр кулпуга толбойт. БМжБТ отчетторун айылдык чогулуштарда жамаат алдында, жергиликтүү кеңештин депутаттары алдында жылына бир жолу угуу практикасын киргизүү зарыл. Айылдык кеңештин ишин пландоодо БМжБТ катышуусу менен мониторингдик иш-чараларды иштеп чыгып, кошуу зарылчылыгы бар. Мындай иш-чаралар БМжБ тобунун туруктуулугуна көмөктөшө алмак.




БМжБ тобунун туруктуулугуна таасирин тийгизген башка бир маанилүү фактор болуп топтун мүчөлөрүнүн улам алмашуусу эсептелет. Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча: 2015-жылдан бери БМжБТнын мүчөсү болгондор – 40,6%, 2016-жылдан бери 33,3% жана 2017-жылдан бери – 26,1%. БМжБ тобунда көпкө кармалбагандыкка түрдүү факторлор таасирин тийгизүүдө. Ошондой факторлордун бири болуп БМжБТ төрагалары тарабынан ишти жетиштүү уюштура албагандык эсептелинет. Бул – лидерлерди тандап алуу, топтун мүчөлөрү арасында жумуштун көлөмүн бөлүштүрүү, топтун мүчөлөрүндө иш планы тууралуу маалыматтын жетишсиздиги, МжБ боюнча акттарды өз убагында толтурбоо ж.б. БМжБТ мүчөлөрү арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, топтун иш планы менен 75,4% тааныш.

БМжБ тобу коомдук башталышта, акысыз, жарандык активдүүлүк менен иштешет. Бул топтун туруктуулугуна дайыма эле көмөкчү боло бербейт. Мониторинг жана баалоо боюнча окуудан өткөн мүчө топтон кеткен учурда БМжБТнын потенциалына терс таасирин тийгизүүдө. Бул болсо топтун мүчөлөрүнүн өз укуктарын жана милдеттерин, мыйзамдарды, токтомдорду, жергиликтүү жамааттын Уставын жана мониторинг менен баалоону жүргүзүүгө байланышкан башка документтерди билбегендиктен, мониторингдин жүрүшүн кыйындатат. Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча акыркы үч жылда мониторинг жана баалоо боюнча окуудан өткөн БМжБТ мүчөлөрү 71,1% болду. БМжБ тобунун потенциалы туруктуулуктун маанилүү фактору болуп эсептелинет.

БМжБТнын сандык жана сапаттуу курамы топтун туруктуулугун камсыздоонун маанилүү фактору болуп эсептелинет. БМжБ тобу сапаттык курамы боюнча үч өзөктүк максаттуу топтон турушу керек. Биринчи топ – бул жергиликтүү жамааттын, бейөкмөт уюмдун жана башка топтордун өкүлдөрү. Экинчи топту жергиликтүү кеңештин депутаттары түзөт. Үчүнчү топко айыл өкмөттүн өкүлдөрү киришет. БМжБТнын сандык курамы жетиден тогуз адамга чейин болушу керек. Анализ көрсөткөндөй, БМжБТ мүчөлөрүнүн басымдуу бөлүгүн айыл өкмөт кызматкерлери түзгөн айылдык аймактарда топтор туруксуз болгон. Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, БМжБТ курамында айыл өкмөттүн кызматкерлери 44,9%, кызматкер болбогондор 55,1% түзгөн. Ошондуктан БМжБТ төрагалары айыл өкмөттүн кызматкери, ал эми айыл өкмөттүн жооптуу кызматкерлери төраганын жана анын мүчөлөрүнүн иш-милдеттерин тартып албашы керек.

Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери мониторинг жана баалоо жүргүзгөнгө караганда, өзүнүн функционалдык милдеттерин аткаруу менен көбүрөөк алектенишүүдө. БМжБ тобунун курамына кирген айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана жамааттын мүчөлөрү биргелешкен мониторинг жүргүзгөн маалда алардын кызыкчылыктар чөйрөсү дайыма эле шайкеш келе бербейт. БМжБТ мүчөсү топтун таасирин өзүнүн жеке кызыкчылыктарына колдонгусу келген айрым учурлар болгон. Биргелешкен мониторинг жана баалоону жакшылап түшүнүп, өткөрүү максатында БМжБТ мүчөлөрүн, ошондой эле ЖӨБО кызматкерлерин окутуу зарыл. Жаңжалдуу кырдаалдардан оолак болуу үчүн БМжБТнын иш планын жылына эки жолу бекитүү жана пландалып жаткан мониторингдик иш-чаралар тууралуу кимге багытталган болсо ошолорго маалымдап туруу сунушталат.

***Сиздин баамыңызда, БМжБТ сунуштамалары, сунуштары подрядчылар, АӨ башчылары, жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан …***




***БМжБТ ишин жакшыртуу боюнча сунуштар***




Мониторинг жана баалоо жүргүзүү практикасында БМжБТнын сунушталган курамы төмөнкүдөй болушу керек: жарандык коомдун өкүлдөрү - 51% жана ЖӨБОнун өкүлдөрү - 49%. Айрым айылдык аймактарда БМжБТ мүчөлөрү көпкө кармалбагандыктан мындай курам дайыма эле сактала бербейт. Сандык жана сапаттык курамдын бузулушунун башка бир себеби, мониторингдик иш-чараларды өткөргөн учурда айыл өкмөтүнүн кызматкерлерин чогулта салуу жеңил, сын пикир азыраак айтылат ж.б. Бул болсо БМжБТ алдына коюлган максаттардын жана тапшырмалардын бурмаланышына алып келет.

БМжБТнын гендердик курамы туруктуулуктун маанилүү факторлорунун бири болуп саналат. Анализ көрсөткөндөй, аялдар эркектерге караганда мониторингдик иш-чараларды өткөрүү процессинде көбүрөөк активдүү болушат. Жумушчу жолугушуулардын жыйынтыктары дагы бир нерсени көрсөттү: БМжБ тобунун документтик иштерин жүргүзүү үчүн аялдар жооп берген жерлерде эркектер иштеген жерлерге салыштырмалуу документтер толук болуп чыккан. Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, БМжБТ мүчөлөрү арасында аялдар 53%, эркектер 47% түзгөн.

Жумушчу жолугушуулардын жүрүшүндө финансылык жана финансылык эмес мониторинг жүргүзүүгө байланыштуу суроолор пайда болгон. БМжБ тобунун көйгөйлөрүнүн бири – төмөнкүдөй суроолорго жооп издөө болду: объектке мониторингди кантип жүргүзүш керек? БМжБТ жумуштардын пландалган түрүнө ылайык объектти сыртынан эле карап текшерүү менен чектелиш керекпи? Мисалы, сатып алынган стол, отургучтарды санап чыгыш керекпи, суу түтүк трубаларынын узундугун текшериш керекпи ж.б.? БМжБТ финансы документтери менен таанышууга тийишпи?

ЖӨБО жетекчилеринин көбү БМжБТ объектиге тышкы кароону жүргүзүш керек, пландалган иш-чараларга ылайык аткарылган жумуштардын көлөмүнө мониторинг жасаш керек деп эсептешет. Ал эми финансы бөлүгүн БМжБТ пландалган иш-чаралардан четтеген учурда, көйгөйлүү кырдаал



жаралганда гана текшерет деген пикирди карманышат. Бул көз карашка кошулуш керек.

Мониторингдин объектисин деталдуу түрдө текшерүүнүн деңгээли БМжБ тобунун көп убактысын алат. Буга байланыштуу бир объектке кеткен мониторингдик сапарлардын убактысы жана саны боюнча сунуштамалар берилген. Жыл ичинде 7-9 мониторингдик иш-чара жүргүзүлөт, зарыл болгондо бул санды көбөйтсө болот. Мониторингдик сапарлар үч жолу жүргүзүлөт – жумуштар башталганда, ортолоп калганда жана жыйынтыкталганда. БМжБТ мониторинг жүргүзүү графиги аткаруучунун (подрядчынын) жумуш графигине негизделет. Көйгөйлүү учурларда мониторингдик сапарлардын саны көбөйүшү мүмкүн. Объектке мониторингдик сапарлардын санын көбөйтүү тууралуу маселе БМжБ тобунун жумушчу жолугушууларынын (жыйындарында) чечилет. Биринчи кезекте финансылык эмес мониторинг жүргүзүлөт.

Кесипкөй маселелер гана, анын ичинде финансылык маселелер өзгөчө учурларда гана ошол маселе боюнча адистердин катышуусу менен каралат. Мисалы, техникалык эксперттин, финансы боюнча адистин, эколог адистин ж.б. катышуусу менен өткөрүлөт. Себеби БМжБТ мүчөлөрү талап кылынган багыт боюнча адис болбошу ыктымал. БМжБТ мониторинг жүргүзгөн учурда финансы документтерин сураткууга укугу барбы? Жок. Себеби келишим тапшырыкчы менен аткаруучу ортосунда түзүлөт.

БМжБТ тобунда аткаруучудан финансы документтерин сураткууга мыйзамдуу негизи жок. Финансылык маалыматты алуунун эки жолу бар: (1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар боюнча расмий порталынан (https://zakupki.gov.kg/popp) жана (2) финансылык мониторинг жүргүзүү үчүн тапшырыкчынын жетекчилигине сунуштамалар, сунуштар менен кайрылуу. Бул үчүн БМжБТ мониторинг боюнча актта финансылык мониторинг жүргүзүү зарылчылыгын негиздеп берүүгө тийиш.

БМжБТ менен жумушчу жолугушуунун жүрүшүндө топтун документтери изилденип чыкты. Бул максатта 2015-жылдын июнь айында ар бир БМжБ тобуна кагаз түрүндө да, электрондук вариантта да мониторинг жана баалоо боюнча папка даярдалган. Бул папкада БМжБТ иши үчүн зарыл болгон мониторинг жана баалоо боюнча документтер чогултулган: мыйзамдар, токтомдор, нускамалар, анкеталар, презентациялар, мониторинг боюнча акттардын формалары, жүргүзүлгөн мониторинг боюнча отчеттор жана акттар ж.б. Техникалык жардамдын алкагында Долбоор БМжБТ иши үчүн ноутбук берген.

Мониторинг боюнча документтерди жүргүзүү БМжБТ ишинин активдүүлүгүн чагылдырат. БМжБТ менен жумушчу жолугушуулардын жүрүшүндө бардык эле мониторингдик сапарлар документтештирилбегени белгилүү болду. БМжБТ мүчөлөрү арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, акыркы үч жыл ичинде мониторинг боюнча иш-чараларга 1-5 жолу катышкандар 40,4%, 6-9 жолу катышкандар 27,8% жана ондон ашык жолу катышкандар 15,8% түзгөн. Такыр катышпагандар 15,8% болгон, алардын көпчүлүгү 2017-жылы айыл өкмөт башчыларын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайра шайлоого байланыштуу БМжБТ мүчөсү болуп калышкан.

2017-жылдын соңуна чейин БМжБТ иш планын жаңылоо, топтун курамын жаңылоо боюнча сунуштамалар, мониторингдик сапарларды документтештирүү, анкеталык маалыматтарды иштетүү боюнча консультациялар, БМжБТ ишин уюштуруу жумушчу жолугушуунун жыйынтыгы болуп калды. Ошондой эле топтун мүчөлөрүнүн суроолоруна да жооптор алынды. Жумушчу жолугушуу БМжБ тобунун жаңы мүчөлөрү үчүн өзгөчө маанилүү болду. Айрым жамааттарда БМжБТ иши тууралуу маалыматка ээ болгон айыл өкмөт башчылары жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары алмашты. Бул болсо БМжБ тобунун жаңы мүчөлөрүн гана эмес, ошону менен бирге айыл өкмөт башчыларын жана жергиликтүү кеңештин депутаттарын да кошумча окутууну талап кылат. Документтерди кийинкилерге өткөрүп берүү, иш планды аткаруу жана БМжБТ курамы өңдүү маселелер талкууланды.

БМжБТ иши азырынча жетиштүү түрдө жигердүү эмес жана иштин усулдары менен мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн аспаптарын өркүндөтүүнү талап кылат. БМжБТнын сурамжылоого катышкан мүчөлөрүнүн баамында топтун ишин активдештирүү зарыл (28,6%), МжБ боюнча окууларды көбүрөөк өткөрүп туруш керек (33,3%). Жогоруда саналган факторлор менен иштөө БМжБ тобунун туруктуулугун камсыздайт. БМжБТнын туура тандалып алынган лидерлери, айыл өкмөт башчылары жана жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан колдоо өзөктүк ролду ойнойт. Мониторинг жана баалоо жүргүзүү жол-жоболору боюнча гана эмес, укуктук база боюнча да БМжБТ мүчөлөрүнүн потенциалын жогорулатуу андан кем эмес маанидеги тапшырма болуп эсептелинет. Жалпысынан БМжБТ туруктуу болушат, мониторинг жана баалоону үзгүлтүксүз жүргүзүп турушат.





# Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургуль ЖАМАНКУЛОВА** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – **Сабина ГРАДВАЛЬ,** ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ



## Кошунаңды байкап, өзүң андан да мыкты жаса!

Ош жана Нарын облустарындагы бардык 12 райондун 65 муниципалитетинен эки жүздөн ашуун өкүл ачык-айкындуулукка жетүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдарынын отчеттуулугун күчөтүү максатында жарандарды бюджеттик процесске тартуу практикасы жана жергиликтүү маанидеги маселелерди биргелешип чечүү чөйрөсүндөгү тажрыйбалары менен бөлүштү.

Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоору (мындан ары – Долбоор) өткөргөн тажрыйба алмашуу сапарынын жүрүшүндө АӨ өкүлдөрү калк менен иш алып баруу боюнча өз тажрыйбасы менен бөлүшө алышты. Тажрыйба алмашуу сапары Ош жана Нарын облустарынын беш элеттик муниципалитетинин базасында өткөрүлүп, төмөнкү райондордун катышуучуларын камтыды:

- Ак-Муз АА, Ат-Башы району, Нарын облусу,
- Чаек АА, Жумгал району, Нарын облусу,
- Жазы АА, Өзгөн району, Ош облусу,
- Гүлистан АА, Ноокат району, Ош облусу,
- Чоң-Алай АА, Чоң-Алай району, Ош облусу.

Тажрыйба алмашуу сапарынын жүрүшүндө катышуучулар айылдык чогулуштарда болушту. Ал чогулуштарда айыл өкмөтүнүн адистери ЖМБА-сессияларын (жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо) жана бардык курактагы жана жыныстагы топтордун катышуусу менен фокус-топторду өткөрүүнүн жүрүшү тууралуу аймактын тургундарына айтып беришти. Бул иш-чаралар калктын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктап, аларды чечүү пландарын түзүп, жергиликтүү бюджеттен бул максаттарга каражаттарды бөлүштүрүү максатында өткөрүлгөн. Ошондой эле Демилгелүү топтордо, биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунда активисттердин ишине баа берилди. Иш-чаралар максаттуу долбоорлордун – Долбоордун өнөктөштөрүнүн базасында өттү.

“Бир облустагы муниципалитеттер арасында тажрыйба алмашуу боюнча иш-чаралар катышуучуларга жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн ийгиликтүү тажрыйбасын иш жүзүндө көрүү мүмкүнчүлүгүн берет. Катышуучулар кесип-



тештеринин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү калктын диалог процессин чагылдырган иш-чараларга катышат", - деп айтты Долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ.

– Айылдык чогулушту өткөргөндөн кийин ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү коомдук иш-чараларды, анын ичинде маалымат өнөктүгүн уюштуруу жана өткөрүү аркылуу өз ишинин ачыктыгын жана айкындуулугун камсыздоо боюнча иштердин жыйынтыктары тууралуу тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучуларынын суроолоруна жооп беришет. Сапардын катышуучулары тажрыйбаны үйрөнүп, Долбоордун консультанттары менен биргеликте коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча маселелерди талкуулашат. Долбоордун тажрыйба алмашуу боюнча иш-чараларына биздин максаттуу муниципалитеттер (өнөктөштөр) гана эмес, ошондой эле башка айыл өкмөттөрдөн да өкүлдөр катышат. Биздин Долбоор бардыгы үчүн ачык. Максаттуу муниципалитеттердин тажрыйбасы Кыргызстандагы бардык ЖӨБ органдары үчүн жеткиликтүү болгону Долбоор үчүн маанилүү. Иш-чараларга катышууга үчүн КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин аймактык өкүлчүлүгүнүн кызматкерлери да чакырылган".

# Беш облустун ЖӨБ органдары АӨнүн Типтүү регламенти жана аны АӨнүн ишинде колдонуу тартиби, административдик комиссиялардын иш тартиби жана Кыргыз Республикасында ЖӨБдү Өнүктүрүү программасынын долбоору менен таанышып чыгып, талкуулашты

2017-жылдын 20-ноябрынан 25-декабрына чейинки мезгил аралыгында Кыргызстандын Нарын, Ош, Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Чүй облустарынын аймагында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун (ЖӨБ) аткаруучу органдарынын башчылары үчүн үч күндүк окуу тренингдери өтүп жатат. Тренингдин жүрүшүндө катышуучулар ЖӨБ органдарына караштуу административдик комиссиялардын иш тартибин карап, таанышып чыгышат жана айыл өкмөтүнүн Типтүү регламентин жана аны айыл өкмөтүнүн ишинде колдонуу тартибин талкуулашат.

Окуу иш-чараларын КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА) жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзу (ЖӨБ Союзу) менен өнөктөштүктө Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоору уюштурду.

Ошондой эле тренингдердин жүрүшүндө катышуучулар 2018-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусун Өнүктүрүү программасынын долбоорун талкуулашат. Программанын долбоорун Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттик колдоосу алдында ЖӨБЭММА иштеп чыккан. Өз кезегинде ЖӨБ Союзунун өкүлдөрү катышуучуларга өзүнүн күнүмдүк иши, ЖӨБ органдарынын ЖӨБ Союзунун мүчөлүгүнө өтүү тартиби, ошондой эле 2018-жылга жана андан кийинки жылдарга өзүнүн иш планы тууралуу маалымат беришет.

"Биздин Долбоор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү бюджеттин каражаттарын дагы да ачык-айкын жана натыйжалуу башкарууга үйрөтүү максатын көздөйт. Бул максатка жергиликтүү жамааттар алдындагы отчеттуулукту жогорулатуу жана жеринде чечим кабыл алуу процессине жарандарды дагы да жигердүү тартуу аркылуу жетсе болот. Ушул өңдүү окуу тренингдери максатка жетүүгө жардам берип келет. Тренингдердин негизги максаты – укук бузууларды алдын алуу үчүн ЖӨБдүн аткаруучу органынын потенциалын жогорулатуу жана айыл өкмөтүнө караштуу административдик комиссиялардын ишин уюштуруу, регламенттештирүү жана пландоо аркылуу айыл өкмөт аппаратынын ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу. Беш облустун борборунда өтө турган тренингдерге айыл өкмөтүнүн 385 башчысы катышат: Нарын облусунан 63 АӨ башчысы, Ысык-Көлдөн 61 АӨ башчысы, Жалал-Абаддан 68 АӨ башчысы, Оштон 88 АӨ башчысы жана Чүй облусунан 105 АӨ башчысы келет", - деп айтты Долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ.

Ошондой эле бул тренингдер айыл өкмөтүнүн башчыларына Долбоордун эксперттери, ЖӨБЭММАнын жана ЖӨБ Союзунун өкүлдөрү менен 2018-2022-жылдарга КРда ЖӨБдү Өнүктүрүү программасынын долбоорун ачык жана конструктивдүү талкуулап алуу; жеринде административдик комиссияларды уюштуруу жана айыл өкмөт аппаратынын ишин регламенттештирүү тартиби менен таанышуу; практикалык мисалдардын жана презентациялардын негизинде мыйзамдардагы айрым ченемдер боюнча түшүндүрмө алуу; ЖӨБ Союзунун ишмердүүлүгү, алар менен өз ара аракеттенүү тартиби, ошондой эле өнөктөш өз ара мамилелерди орнотуу формалары тууралуу маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.





# Ош жана Нарын облустарынан үч жүздөн ашуун адам Швейцариянын долбоорунун алкагында кантип грант алса болорун билишти

2017-жылдын 20-ноябрынан 2-декабрга чейин Ош жана Нарын облустарынын аймагында Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (Долбоор) алкагында Чакан гранттар программасынын (ЧГП) бет ачары болуп өттү.

Катышуучулардын жалпы саны Нарын облусу боюнча 118 (алардын ичинен 28и аял), ал эми Ош облусунда 189 (алардын ичинен 41 аял) болду.

Ош жана Нарын облустарынын ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн кошумча каражат алуу мүмкүнчүлүгү тууралуу билиши үчүн Долбоор Чакан гранттар программасынын бет ачарына облустардагы 12 райондун бардык айылдык аймактарынын башчыларын жана адистерин чакырды. Программа конкурстук негизде иштейт. Иш-чарада бардык катышуучуларга программанын максаты, ийгиликтүү катышуу үчүн милдеттүү шарттар, конкурстун жеңүүчүлөрүн тандап алуунун тартиби тууралуу маалымат берилди. Бардык катышуучулар зарыл материалдарды, анын ичинде CD дискке жазылган өтүнмөлөрдүн формаларын алышты.

"Ушул жылы Долбоордун Чакан гранттар программасынын линиясы боюнча 35 миллион сом каралган. Бул акчага Ош жана Нарын облустарынын бардык жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруучу органдары талапкер боло алышат. Алар бул программанын конкурсуна катышып, долбоору



үчүн 1 млн сомута алышат. Ар бир АӨ конкурска эки өтүнмө менен катышып, 2 миллион сом көлөмүндө грант алууга талапкер боло алат. Гранттардын каражаттары ЖӨБ органдарынын эсебине которулат жана жергиликтүү жамааттардын турмуш шартын жакшыртууга багытталышы керек. Долбоордук идеялар жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарына шайкеш келүүгө тийиш. Бул артыкчылыктарды ЖӨБ органдары калктын катышуусу менен (ЖМБА/PRA-сессиялар) аныктайт. Бул болсо Долбоордун негизги максаттарына шайкеш келет. Максаты – чечим кабыл алуу процессинде жарандардын катышуусун бир кыйла жогорулатуу менен ЖӨБ органдары коомдук финансыны дагы да ачык-айкын жана натыйжалуу башкаруусуна көмөктөшүү. Долбоордун Гранттык программасы өзүнчө бир машыктыргыч, анда ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттен инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга багытталган инвестицияларды жоопкерчиликтүү жана натыйжалуу башкарганды үйрөнүшөт. Долбоор "жаңы велосипедди ойлоп табууну" сунуштабайт, бирок ЖӨБ органдарын гранттарды жана инвестицияларды башкаруу маселелерине натыйжалуу менеджменттин принциптери талап кылгандай мамиле жасоого үйрөтөт. Ал принциптер: артыкчылыктуу керектөөлөргө таянып, мыйзамдарга ылайык, мүмкүн болушунча ачык-айкын жана келечектеги натыйжа үчүн болгон жоопкерчилик менен кароо" - деди Долбоордун гранттар боюнча адиси Султан МАЙРАМБЕКОВ.

Программанын бет ачарлары ачык диалог форматында өтүп, мында ар бир катышуучу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү мүмкүнчүлүктөрүнө тиешелүү суроолорду узатып, конкурстук өтүнмөнүн шарттары жана талаптары боюнча толук жоопторду алышты. Бет ачарларга аялдардын катышуусун жана кызыгуусун өзгөчө белгилей кетүү зарыл. Себеби алардын жамааттын турмушундагы чечимдерди кабыл алуу процессине тең укуктуу тартылуусу жергиликтүү өнүгүү үчүн чоң мааниге ээ.

Дээрлик бардык региондордо 2018-жылдагы Чакан гранттар программасынын бет ачары муниципалитеттердин өкүлдөрүндө чоң кызыгууну жаратты. Алар маалымат алуу процессинде конкурска катышуу ниетин билдиришти.

Кийинки жылы Чакан гранттар программасынын негизги максаттары төмөнкүлөр болот:

- жергиликтүү маанидеги маселелерге тиешелүү артыкчылыктуу көйгөйлөрдү биргелешип аныктоо жана чечүү үчүн жергиликтүү жамааттар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы өнөктөштүккө көмөктөшүү;
- финансы каражаттарын, аны менен катар капиталдык салымдарды пландоо, бөлүштүрүү жана натыйжалуу башкаруу көндүмдөрүн бекемдөөдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөктөшүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансы (бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы) каражаттарын колдонуусуна мониторинг жүргүзүүдө жергиликтүү жамааттарга көмөктөшүү;
- жергиликтүү маанидеги маселелерге тиешелүү артыкчылыктуу көйгөйлөрдү (инфраструктураны жакшыртуу) чечүү.









# Айыл өкмөтүнүн Типтүү регламенти бекитилди

2017-жылдын 21-ноябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик № 01-18/156 буйругу менен "Айыл өкмөтүнүн Типтүү регламентин" бекитти. Айыл өкмөтүнүн Типтүү регламенти Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ЖӨБЭММА менен өнөктөштүктө аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун колдоосу менен иштелип чыкты.

Кабыл алынган документ жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жүктөлгөн тапшырмаларды жана иш-милдеттери аткаруу боюнча айыл өкмөтүнүн ишин уюштуруунун бирдиктүү тартибин аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Типтүү регламент төмөнкүлөрдү караштырат:

- айыл өкмөтүнүн жалпы принциптери жана отчеттуулук нормалары;
- айыл өкмөтүнүн түзүмүнүн жана штаттык санынын сүрөттөлүшүн;
- жергиликтүү жамааттын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын иштеп чыгууга, айыл өкмөтүнүн жана муниципалдык кызматчынын иш планын түзүүгө карата талаптарды;
- айыл өкмөтүндө кабыл алынган ченемдик актыларга карата бирдиктүү талаптарды, мамлекеттик (расмий) тилди иш өндүрүшүндө колдонууну, айыл өкмөтүнүн жана айылдык кеңештин документтери менен иштөө тартибин;
- жарандардын кайрылууларын (а.и. электрондук кайрылууларды) кароо тартибин, жарандарды кабыл алууну, айылдык кеңештердин токтомдорун каттоо жана жарыялоо (күчүнө кирүүсү) тартибин;
- айыл өкмөтүнө караштуу түзүлгөн туруктуу (убактылуу) комиссиялардын тизмегин, ошондой эле алардын ишин уюштуруу тартибин регламенттештирген ченемдик укуктук актыларды (анын ичинде АӨ турукту комиссияларына тиешелүү ЧУА электрондук версиясы);
- айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештин карамагында турган маалыматка жарандардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо боюнча талаптарды жана милдеттүү түрдө жарыяланууга жаткан маалыматтардын тизмегин;
- айыл өкмөтүнүн кеңешмелерди өткөрүү жана айыл өкмөтүнүн кеңешмелеринде протоколдорду түзүү тартибин, айыл өкмөтүнүн туруктуу (убактылуу) комиссияларынын жыйындарын өткөрүү тартибин;
- кызматтык териштирүү жүргүзүү, муниципалдык кызматчыларга дисциплинардык жаза салуу тартибин жана бош убакытты уюштуруу тартибин.

2017-жылдын 20-ноябрынан 25-декабрына чейин айыл өкмөтүнүн регламентин жашоого киргизүү максатында Долбоор ЖӨБЭММА жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын Союзу менен биргеликте Нарын, Ош, Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Чүй облустарынын айыл өкмөт башчылары үчүн маалыматтык-окутуучу семинарларды өткөрүүдө. Семинарларда айыл өкмөт башчылары эки тараптуу диалог форматында ачык, конструктивдүү түрдө кабыл алынган документти талкуулап, практикалык мисалдардын жана презентациялардын негизинде Типтүү регламенттин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын айрым ченемдери боюнча түшүндүрмө алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. M

# ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## Бишкекте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айылдык ден соолук комитеттери менен өз ара аракети талкууланды

2017-жылдын 28-сентябрында Бишкекте “Айылдык ден соолук комитеттеринин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттын өз ара аракети: өнүгүү перспективалары” темасына конференция өттү. Иш-чара “Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргызстандын элеттик жамааттарында саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги (АДК үнү)” Долбоорунун алкагында уюштурулду. Аталган Долбоорду Социалдык отчеттуулук боюнча глобалдык өнөктөштүктүн (GPSA-Дүйнөлүк банк) финансылык колдоосу алдында Өнүктүрүү саясат институту жана “Кыргызстан айылдык ден соолук комитеттери” Ассоциациясы (АДКА) аткарышат.

Конференцияга мамлекеттик органдардын 30дан ашуун өкүлү катышты. Алар: ЖӨБЭММА, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (ММКФ), Ден соолукту бекемдөө боюнча республикалык борбор (ДБРБ), эл аралык жана бейөкмөт уюмдар, ошондой эле пилоттук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана айылдык ден соолук комитеттери.

Ош облусунун Савай АА башчысынын орун басары, Ысык-Көл облусунун Ак-Чий АА айылдык кеңешинин төрагасы, Чүй облусунун Курама, Гроздь, Онбир-Жылга айылдык аймактарынын жана Нарын облусунун Кочкор айылдык аймагынын өкүлдөрү өз алдынча башкаруу органдарынын жамааттар менен өз ара аракеттенүү процессиндеги жетишкендиктер тууралуу баяндамалар менен чыгышты.

Конференциянын жүрүшүндө катышуучулар айылдык ден соолук комитеттери менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн колдонуудагы механизмдери менен таанышып, ошондой эле жергиликтүү бийлик органдары менен да, Саламаттык сактоо министрлиги, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду өңдүү мамлекеттик органдар менен да мамилелердин мындан ары өнүгүүсүнүн келечегин талкуулашты. Бул милдеттенмелер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишине гана тиешелүү эмес. Алар башкаруунун муниципалдык деңгээлин кошкондо, башкаруунун бардык деңгээлдерине жайылышы керек. Кыргызстан үчүн башкаруунун муниципалдык деңгээли артыкчылыктуу болуп эсептелинет. Себеби Кыргызстан калкынын 66% дал ушул элет жергесинде жашайт. Бирок өткөөл мезгилде улуттук деңгээл менен муниципалдык деңгээл ортосунда тыгыз байланыш түзүлбөй калган жерлер да бар. Толукташ керек болгон боштуктар да байкалат.

Ден соолукту бекемдөө боюнча республикалык борбордун директору Гүлнара АЙТМЫРЗАЕВАнын айтымында, бул иш-чара ЖӨБ органдарынын жамааттар менен ийгиликтүү кызматташуусун көрсөтө алды: “Бүгүн мен ЖӨБ органдары менен жамааттын мыкты өз ара аракетинин мисалын көрө алдым. Пилоттук АДК ЖӨБ органдарынын толук укуктуу өнөктөштөрү болуп калышты. Ал эми жамааттар өз кезегинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катыша башташты. Кандайдыр бир маанисинде ментор болгон пилоттук АДК мыкты тажрыйбасын башка АДКлар арасында жайылтып, аларды өз ара аракеттенүүнүн туура усулдарына үйрөтүп жатканы кубандырат”.

Иш-чаранын жана жалпысынан Долбоордун ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын чыгарып жатып, Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА Долбоорду ишке ашыруу процессинде өнөктөш болгон бардык муниципалитеттерге ыраазычылыгын билдирип, “Муниципалитет” журналынын кезектеги чыгарылышы толугу менен бул Долбоордун жыйынтыктарына жана жетишкендиктерине арналарын, бул багытта иштер улантыларын белгиледи.

“Социалдык бакубаттуулукка жана коопсуздукка жетүү багытында айылдык ден соолук комитеттери – бир айылдын же анын бир бөлүгүнүн деңгээлинде иш алып барган бейформал жамааттык уюмдар өз ишин жигердүү жүргүзүп келатышат. АДК өз жамаатына пайдалуу болгондон тышкары, социалдык бакубаттуулукка жана коопсуз жашоого жетүү жолунда ЖӨБ органдары үчүн ишенимдүү өнөктөш ролун аткара алышаарын далилдешти”, - деп айтты Надежда ДОБРЕЦОВА.






## Жаштар менен достук мамиледеги муниципалитет



***Лондон жана Москва, Астана жана Вильнюс балдар жана жаштар менен достук мамиледе болгон муниципалитеттер катары эсептелгенине сыймыктанышат. Эмне үчүн? Себеби ушундай жол менен алар өзүнүн келечектеги өнүгүүсүн камсыздашууда. Жамаатта жаштар үчүн жашоо шарттары канчалык жакшы болсо, мындай жамааттардын келечекте ийгиликке жетүүсүнө, жашоо үчүн ыңгайлуу болуусуна да мүмкүнчүлүктөр көбүрөөк болот. Канткенде Кыргызстандагы муниципалитеттерди балдарга жана жаштарга ыктай тургандай кыла алабыз?***

Кыргыз Республикасында жаңы долбоор ишке киргени жатат. Анын алкагында Сузак жана Ысык-Ата райондорундагы 10 пилоттук элеттик муниципалитет балдар жана жаштар үчүн турмуш шарттарын жакшыртуунун үстүнөн иш алып барышат.

Сергей АЛЕЩЕНКО, ЮНИСЕФтин эксперти: “Балага достук мамиле жасаган муниципалитеттердин демилгеси 1996-жылы пайда болгон жана БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ) колдоого алган. Себеби ал БУУнун Балдар укуктары жөнүндө Конвенциясын колдойт. Бүгүнкү күндө демилгени дүйнөнүн 900 шаары колдоп жатат. Алардын арасында Лондон, Мюнхен, Буэнос-Айрес, Москва, Санкт-Петербург, Астана, Вильнюс ж.б. шаарлар бар. Идея Кыргыз Республикасы үчүн да актуалдуу. Анткени балдар жана жаштар Кыргызстан калкынын 36,5% түзөт. Аларга өнүгүү үчүн кандай шарттар түзүлгөнүнөн өлкөнүн келечеги да көз каранды. Атүгүл бай эмес, кризисти башынан өткөрүп жаткан өлкөлөрдө демилгени жайылтуу тажрыйбасы көрсөткөндөй, балдарга багытталган саясат дайыма жыйынтыгын берет”.

“Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын абалын баалоо, жаштардын катышуусу менен жергиликтүү пландоо, бюджет түзүү, ишке ашыруу жана мониторинг жүргүзүү маселелерин башкаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын өнүктүрүү жана техникалык жардам берүү” Долбоорун тендердин негизинде тандалып алынган Өнүктүрүү саясат институту ишке ашыра баштады.

Долбоордун ишине тартыла турган жумушчу топторду жер-жерлерде түзүү Долбоорду ишке ашыруудагы алгачкы кадамдардын бири болду. Долбоордун ишинин бул этабында долбоор тренингдердин серияларын өткөрүүнү пландап жатат. Алар пилоттук айылдык аймактарда түзүлүп калган жумушчу топтордун мүчөлөрүн окутууга багытталган.

Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА, Долбоордун менеджери: «Жумушчу топтун мүчөлөрүн «Балдарга достукча мамиле жасаган айылдар» Демилгесинин концепциясы, балдардын чечим кабыл алууга катышуусунун принциптери жана балдар менен жаштардын кызыкчылыктарын эсепке алып пландоонун негиздерине үйрөтүү – биринчи тренингдин максаты болуп эсептелет. «Балдар жана жаштар жергиликтүү жамааттын келечектеги өнүгүүсүнүн бир элементи катары» деп аталган алгачкы тренинг Ысык-Ата жана Сузак райондорунун деңгээлинде уюштурулат. Ага пилоттук айылдык аймактардын жумушчу топторунун мүчөлөрү, ошондой эле балдар жана жаштар менен иш алып барууга тартылган мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү чакырылды». М

# Жалал-Абад облусундагы 17 муниципалитеттин өкүлдөрү жергиликтүү калк үчүн бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча билимдерин жана көндүмдөрүн жакшырта алышты

2017-жылдын 15-августунда Жалал-Абад шаарында "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" Долбоорунун алкагында тренер Кеңешбек АЛМАКУЧУКОВ бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча тренинг өттү. Ага Маданият үйлөрүнүн кызматкерлери, АӨ башчылары, АӨ социалдык кызматкерлер ж.б. болуп 17 пилоттук муниципалитеттен 20 өкүл катышты.

Жумуштун жүрүшүндө катышуучулар тренингдин максаттарын жана тапшырмаларын карап чыгып, бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууну уюштуруунун иш планын талкуулашты. Ошондой эле жергиликтүү калктын керектөөлөрүн эсепке алуу менен иш-чараларды, аны менен катар маданий-спорттук иш-чараларды 5, 10 жана 15 жылга пландоо аркылуу кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу демилгесин көтөрүп чыгуу мүмкүнчүлүгү да талкууга түштү. Тренинг-семинарда буга чейинки семинарда берилген үй тапшырмасын аткаруу, бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу боюнча пландарды туура түзүү жаатында практикалык иштерди аткаруу жолу менен көндүмдөр жакшыртылды. Тренингдин жүрүшүндө катышуучулар бул кызмат көрсөтүүнүн жакшыртууну уюштуруу боюнча иш планынын долбоорлору менен тааныштырып, аларды пландоо жана уюштуруу боюнча кошумча билимдерге жана көндүмдөргө ээ болушту.

Ошентип, жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн гранттык каражат бөлгөндөн тышкары, Долбоордун алкагында тренерлер жана эксперттер бул маселе боюнча тикелей алектенген пилоттук муниципалитеттердин квалификациясын жогорулатуу боюнча техникалык жардам да беришет.

# Төрт облустун жаштары үчүн перспективалар: окуулар жана консультациялар



2017-жылдын 23-октябрынан 3-ноябрга чейин муниципалитеттердин жаштар стратегияларын Социалдык-экономикалык өнүгүү планына (СЭӨП) жана жергиликтүү бюджетке кошуу боюнча пилоттук элеттик жана шаардык муниципалитеттердин өкүлдөрү менен тренингдер жана консультациялык жолугушуулар өткөрүлдү. Иш-чаралар Эл аралык кызматташтык боюнча Германия коомунун (GIZ) колдоосу алдында Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Жаштар үчүн перспективалар" Долбоорунун алкагында уюштурулду. Жолугушуулар Чүй, Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустарындагы 12 пилоттук муниципалитеттин өкүлдөрү үчүн өткөрүлүп келет.

"Тренингдер жана консультациялар жаштардын өнүгүү стратегиясынын бюджетин түзүүгө көмөктөшүү жана аны социалдык-экономикалык өнүгүү программасында (СЭӨП) чагылдыруу максатында өткөрүлүп келет. Иш-чараларда СЭӨП негиздери, жарандардын ЖӨБго катышуу моделдери боюнча темалар белгиленип, ошондой эле СЭӨПда жана жергиликтүү бюджетте жаштардын өнүгүү стратегияларынын чагылдырылышы тууралуу маалыматтар берилди", - деп айтты Долбоордун тренери Жылдыз КЕРИМОВА.

Долбоордун пилоттук муниципалитеттери төмөнкүлөр: Чүй облусу: Краснореченка АА, Маевка АА, Токмок ш.; Ысык-Көл облусу: Күн-Чыгыш АА, Кызыл-Суу АА, Теплоключенка АА, Каракол ш.; Нарын облусу: Кочкор АА, Баетов АА, Миң-Куш АА; Талас облусу: Өмүралиев АА, Кара-Буура АА.